# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | октябрь 2015 | № 10 (47) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

2016-жылы өтө турган жергиликтүү шайлоонун өзөктүк маселелери: партиялык принцип, шайлоочуларды каттоо жана аткаруу органдарынын башчыларын түз шайлоо ........ 2

Кайрадан биометрикалык каттоо тууралуу ........ 7

### ЖӨБ кадрлары

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Борбордук аймактык өкүлчүлүгүнүн (КР МКК БАӨ) кураторлорунун тизмеси ........ 12

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Түштүк аймактык өкүлчүлүгүнүн (КР МКК ТүштүкАӨ) кураторлорунун тизмеси ........ 12

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Түндүк аймактык өкүлчүлүгүнүн (КР МКК ТүндүкАӨ) кураторлорунун тизмеси ........ 13

### Юридикалык консультация

Жамааттын мүчөсү болбогон адамга көрүстөндөн орунду акыга берүү тууралуу ........ 14

Жумуштан бошонгон айыл өкмөт кызматкеринин өргүүсү тууралуу ........ 15

Дыйкандардын камсыздандыруу төгүмдөрү жана карыздары тууралуу ........ 16

### Жарандардын ЖӨБгө катышуусу

Жарандардын ЖӨБгө ишеними – ЖӨБдүн өз колунда ........ 21

### ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары

ЭҮЖӨБЖ Долбоорунун изи менен ........ 25

Долбоор калтырган из ЖӨБдүн көзү менен: "Биз жамаат менен биргелешкен иш канчалык чоң таасир тийгизип жатканына күбөбүз" ........ 26

Долбоор калтырган из жамааттын көзү менен: "Биз демилге көтөргөндү жана өз айылыбыздын көйгөйлөрүн көрө билгенди үйрөндүк" ........ 28

Долбоор калтырган из биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун көзү менен: "Биз көйгөйлөрдү көрүп турабыз жана аларды чогуу чечкенди билебиз" ........ 30

"БМжБ тобу – жамаат менен ЖӨБдүн кызыкчылыктарынын сакчысы" ........ 32

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Лариса Ли***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***

Дизайн жана жасалгалоо
***Адиль Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге дарекетелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.

**Журнал акысыз таркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ. Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – 720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Үсөнбаев көч., 44, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу*




**Анарбек ИСМАИЛОВ,**
Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары – укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы

# 2016-жылы өтө турган жергиликтүү шайлоонун өзөктүк маселелери: партиялык принцип, шайлоочуларды каттоо жана аткаруу органдарынын башчыларын түз шайлоо

Ушул тапта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын шайлоо тууралуу мыйзамдарын кескин түрдө тазартуу процесси жүрүп жатат. "Муниципалитет" журналында акыркы новеллалар тууралуу макалалар жарык көргөн. Эскерте кетели, 2014-2015-жылдары "Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорлору иштелип чыгып, парламенттин кароосуна жиберилген. Бул мыйзам долбоорлорун Жогорку Кеңеш кабыл алып, өлкө башчысы кол койгон. Эми алар колдонуудагы мыйзамдар болуп эсептелет. Жогоруда аталган мыйзамдардагы негизги жоболорду эсиңиздерге салалы.

"КР жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө" Мыйзам бардык жарандарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына (мындан ары – МКК) манжа издерин жана санарип форматтагы сүрөттөрдү берүү жолу менен биометрикалык каттоодон өтүүгө милдеттендирет.

"Кыргыз Республикасынын Президенти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга түзөтүүлөр (мындан ары – "шайлоо жөнүндө мыйзамга түзөтүүлөр") киргизилип, анда шайлоочулардын тизмесине биометрикалык каттоодон өткөн жарандарды гана кошуу тууралуу эреже да көрсөтүлгөн. Шайлоого чейин белгиленген күнгө дейре (добуш берүүгө 15 күн калганда, б.а., 2015-жылдын 19-сентябрына чейин) биометрикалык каттоодон өтпөгөн адамдар шайлоочулардын тизмесине киргизилбейт, демек шайлоого да катыша албайт.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо тууралуу мыйзамдарга жогоруда айтылган өзгөртүүлөрдү киргизүү биринчи кезекте таза, адилеттүү жана эркин шайлоону камсыздоо, муну менен "ыпылас" шайлоонун негизги себептерин толугу менен жоюу максатын көздөгөн. Алар:

- добуш берүүчүлөрдүн тизмесине биометрикалык каттоодон өткөн гана шайлоочулардын кошуу жолу менен "бир шайлоочу – бир добуш" принцибин чындап камсыздоо маселеси. Бул демек катталган добуш берүүчүлөрдүн санына туура келген шайлоо бюллетендерин басып чыгаруу, ошондой эле "карусель" ыкмасын колдонуу ыктымалдуулугун жокко чыгаруу дегенди түшүндүрөт;
- добуштарды автоматтык түрдө эсептей турган шайлоо үкөктөрүн колдонуу менен бюллетендерди массалык түрдө таштоо маселесин чечүү.

Бул маселелер жергиликтүү шайлоолорго да мүнөздүү. Ошондуктан 2015-жылдын 4-октябрында Жогорку Кеңешке шайлоо жаңы эрежелер боюнча ийгиликтүү өткөн учурда алар жергиликтүү шайлоо тууралуу мыйзамдарга да киргизилери турган иш.

Буга эки стратегиялык документ милдеттендирет – Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы ПЖ №11 Жарлыгы менен бекитилген 2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 22-майындагы №109 "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жөнүндө" Жарлыгы.

Анткен менен Жогорку Кеңешке шайлоо тууралуу мыйзамдарга киргизилгендей жергиликтүү шайлоо процессине да жаңы технологияларды жайылтуудан тышкары мыйзам чыгаруучулар бир катар башка маселелерди да чечүүгө тийиш. Алар кайсы маселелер?

**1. Жергиликтүү шайлоолордун "дуализмин" сактап калуу зарылбы?** Эскерте кетели, Кыргызстанда жергиликтүү шайлоо айырмалуу: а) шаарларда шайлоо пропорциялуу система боюнча өтөт. Башкача айтканда, шайлоого саясий партиялар гана көрсөткөн талапкерлер ат салышат жана шаардын аймагы бирдиктүү шайлоо округу болуп эсептелет; б) айылдарда болсо шайлоо көп мандаттуу округдар боюнча өтүп келет (айылдык аймактын территориясы бир нече шайлоо округдарына бөлүнөт, алардын ар биринде бир нече депутаттык мандат "көк бөрүгө" түшөт). Ал эми депутаттыкка талапкерлерди саясий партиялар гана эмес, шайлоочулар да көрсөтө алат, талапкер да өз алдынча чыгууга укуктуу.

**2. Шаардык кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүүгө катышууда саясий партиялардын монополиясын сактап калуу керекпи же талапакерлерди көрсөтүүчү башка субъекттерди (шайлоочулардын тобун, өзүн өзү көрсөткөндөрдү) кошсо болобу?** Эскерте кетели, 2012-жылдын 6-июлунда "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизгенге чейин талапкерлерди көрсөтүү укугу төм. таандык болгон: 1) Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү кеңештерине – саясий партияларга; 2) башка шаарлардын жергиликтүү кеңештерине – саясий партияларга, тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган шайлоочулардын топторуна жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

**3. Бир айылдык аймакта катталган, бирок башка жерде каттоосуз туруктуу жашаган шайлоочулардын маселесин кантип чечиш керек?** Кыргызстанда ички миграция олуттуу көйгөй, ал эми жашаган жеринде катталуу тууралуу бир кыйла либералдык мыйзамдардын шарттарында жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын камсыздоо жана шайлануу маселеси оркоюп чыгууда.

**4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларын – мэрлерди жана айыл өкмөт башчыларын түз шайлоону киргизүү керекпи?** Эскерте кетели, 2010-

жылы жана 2015-жылы Өнүктүрүү саясат институту жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча, айыл өкмөт башчысын түз шайлоону колдогон жарандардын саны өскөн.

Ушул жана башка да маселелерди шайлоо мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча Жумушчу топ карап чыгууга тийиш. Аталган маселелерди чечүүдө Өнүктүрүү саясат институтунун байкоолору жана тыянактары (мындан ары – "ӨСИнин изилдөөсү") көңүл бурдурат[1].

Жаңы технологияларды киргизүүнү эсепке алуу менен жергиликтүү шайлоо тууралуу келечектеги мыйзамдардын болжолдуу контурларын чийип көрөлү.

## Жергиликтүү шайлоолордун "дуализмин" сактоо керекпи?

Шаарлардын деңгээлинде шайлоолордун пропорциялуу системасын мыйзамдар менен киргизүү аркылуу (партиялык тизмелер боюнча) саясий партияларды өнүктүрүү жана бекемдөө боюнча мамлекеттин аракеттери өзүн актаганын турмуш көрсөттү. Шайлоонун мындай системасы шаарлар үчүн абдан ыңгайлуу. Себеби партиялык өсүштүн "инкубаторунун" талаптарына дээрлик бардык параметрлери боюнча жооп берет: бул үчүн калктын саны жетиштүү, маалыматтык жана башка коммуникацияларга жакындык, саясий өнөктүктө жарандардын мобилдүүлүгү жана жигердүүлүгү көңүлгө толот.

Мунун баары шаарларда партиялардын орун алып, партиялык ячейкалардын өсүшү үчүн абдан жакшы шарттарды түзүп берүүдө.

Айылдарда болсо жагдай башкача: калктын саны бир кыйла аз, калк маалымат борборлорунан алыс турат. Мындан тышкары элетте талаа жана чарба иштери көп болгондуктан шаардыктарга салыштырмалуу анчалык мобилдүү эмес. Ал эми калыптанып калган туугандык мамилелер жана ички эрежелер саясий таасирге тоскоолдук болууда. Элет калкын бир жерге чогултуу да өтө кыйын! "Материалдык" кызыкчылыкты да эсептен алып таштоого болбойт. ӨСИнин изилдөөсү көрсөткөндөй, муниципалитет канчалык жакыр болсо, саясий партиянын бул айылдык аймактын бийлигине кызыгуусу да ошончолук төмөн болот. Мындан тышкары чакан жамааттарга салыштырмалуу чоң жамааттарда жүргүзүлгөн өнөктүккө чыгаша азыраак кетет!

Мындай шарттарда шайлоонун пропорциялуу системасын милдеттүү түрдө киргизүү жолу менен саясий партияларды элеттик шайлоого катышууга "мажбурлоо" дээрлик мүмкүн эмес. Саясий партиялар Жогорку Кеңешке шайлоо маалында гана айыл деңгээлине түшүүгө мажбур болгону гана жетиштүү.


[1] "Муниципалитет" журналындагы "Партиялык фактор жана жергиликтүү кеңештер: 2016-жылкы жергиликтүү шайлоого даярдануудабыз" макаласын окуңуз/2015-жылдын май-июнь айлары/№5-6 сандар (42-43-беттер)

Ошондуктан бүгүнкү күндө жергиликтүү шайлоодо системалардын бирин (пропорциялуу же мажоритардык) жоюу идеясы актуалдуу эмес. Соңку чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү шайлоодогу учурдагы система бир нече жолу, бери дегенде 2016-жылы жана 2020-жылы сыналып көрүш керек. Ошондо гана шайлоо системасындагы дуализм жергиликтүү жамааттын жана жалпысынан өлкөнүн кызыкчылыктарына жооп береби деген маселени ишенимдүү чечүүгө болот.

## Шаардык кеңештин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүүгө катышууда саясий партиялардын монополиясын сактап калуу керекпи же талапкерлерди көрсөтүүчү башка субъекттерди (шайлоочулардын тобун, өзүн өзү көрсөткөндөрдү) кошсо болобу?

Жогоруда айтылгандай, 2012-жылдын 6-июлуна чейин Бишкек жана Ош шаарларынын жергиликтүү кеңештерине талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга, ал эми башка шаарлардын жергиликтүү кеңештерине партиялардан тышкары тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп эсептелген шайлоочулардын тобуна да таандык болчу. 2012-жылдын 9-февралында кабыл алынган Мыйзамдан шайлоочулардын тобу чыгарылып салынган. Бул Мыйзам башка өтө прогрессивдүү жоболорду камтыса да, Кыргыз Республикасынын Президенти шайлоочулар тобун шаардык шайлоого өз талапкерлерин көрсөтүүгө укугу бар субъекттердин ичинен шайлоочулардын тобун чыгарууга макул болгон жок. 2012-жылдын 5-мартында өзүнүн Каршы пикиринде Президент башка талаптар менен катар, мыйзамды карап чыгууну жана шайлоочулардын тобунун укуктарын калыбына келтирүүнү талап кылды. Тилекке каршы андан кийин шайлоочулардын тобунун укуктарын сактап калуу мүмкүн болгон жок жана шаардык кеңештерге өз талапкерлерин көрсөтүү укугуна ээ болгон субъекттердин ичинен шайлоочулардын тобун чыгарып салган Мыйзам 2012-жылдын 6-июлунда күчүнө кирген.

Ошентип учурда бир маселени чечип алуу зарыл: шаардык шайлоодо шайлоочулардын тобунун укуктарын калыбына келтирүү керекпи же жокпу? Бул суроо жер-жерлерде саясий партияларды өнүктүрүүгө дем берүүгө тиешелүү маселеге байланыштуу болуп турат. Эгерде мыйзам чыгаруучу бийликтин атынан мамлекет жер-жерлерде саясий партиялардын өсүшүн колдоо жарандар тобунун активдүүлүгүн колдоо маселесине караганда маанилүү деп чечсе, анда колдонуудагы мыйзам өзгөрбөйт. Саясий партиялардын финансылык ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жагынан алып караганда мамлекетке жеңил болорун көңүлгө алыш керек. Анткени саясий партиялар юридикалык жак болуп эсептелет жана алардын жоопкерчилиги мыйзамдарда так белгиленген. Алардан айырмаланып, шайлоочулардын тобу бир кыйла




*Плакаттын автору – "БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014" плакаттар сынагынын катышуучулары Влас КОМКОВ и Виктория КУЛИК*

аморфтуу түзүлүш болуп эсептелет жана алардын финансылык, дагы башка ишмердүүлүгү, мисалы, өз талапкерлеринин тизмесин көрсөтүү тартиби анчалык жөнгө салынган эмес жана дыкат кайра иштеп чыгууну талап кылат.

Эгерде шайлоочулардын тобу институтун калыбына келтирүү тууралуу маселе оң чечилсе, анда шайлоого өзүн өзү көрсөткөн талапкерлерди катыштыруу тууралуу маселе да чыгат. Шайлоонун пропорциялуу системасы үчүн бул өтө сейрек, бирок ыктымалдуулугу жакшы эле институт. Бул тема көп жакшы изилденбегенин жана аны карап чыгуу үчүн убакыт аз болгонун эске алып, бул институтту чукул арада мыйзамдарга жана практикага киргизүү идеясы (шайлоо 2016-жылдын күзүндө өтөрүн унутпайлы) опурталдуу болуп турат.

## Бир айылдык аймакта катталган, бирок башка жерде каттоосуз туруктуу жашаган шайлоочулардын маселесин кантип чечиш керек?

Кыргызстанда бир жерге экинчи жактан көчүп келген адам каттоого турбай койгон практика кеңири жайылган. Мындай жарандар он миңдеп, атүгүл жүз миңдеп саналат! Биометрикалык каттоо жол-жоболорун өткөрүүдө мына ушул фактты эске алууга мажбур болушууда. Балким биометрикалык маалыматтарын тапшыргандардын баарынын эсинде болсо керек, Мамкаттоонун оператору иш жүзүндө жашаган жери тууралуу сураган. Чын-чынына келгенде алар бул маалыматты эмне кылары түшүнүксүз. Анткени миграция тууралуу мыйзамдар азырынча ийнине жеткире иштелип чыга элек. Анткени каттоосуз жашаганы үчүн айып пул да болгону 50 сом, ал эми дагы бир жолу бузса – 100 сом (Административдик жоопкерчилик тууралуу кодекс, 384-берене "Каттоосуз жашоо"). Бул айып пулду өндүрүп алуу үчүн мындан да көп чыгаша кетет!

Бирок эң негизгиси бул жерде башка суроо бар: бир айылдык аймакта катталган, бирок ал жакта жашабаган жаран шайлоочу болуп эсептелеби? Эгерде адам алыста жашаса, жергиликтүү жамааттын турмушуна эч катышпаса, анда аны шайлоого катыштырса болобу? Эгерде аны шайлоого катыштырбаса, анда адилеттүү чечим кабыл алыш үчүн мыйзамдарды кантип өзгөртүү керек?

Белгилүү болгондой, каттоо эрежелерин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү "Ички миграция жөнүндө" Мыйзамдын ченемдерине ылайык белгилейт. Анда жарандарды каттоонун жалпы ченемдери көрсөтүлгөн. Эгерде жаран башка жакка 45 же андан көп күнгө кетсе, анда ал негизги жашаган жери боюнча каттоодон чыкпастан учетко турууга милдеттүү. Ошондой эле эгерде жарандын бир нече турак жайы болсо, анда ал өзү каалаган үйүндө каттала алары тууралуу эреже бар. Жергиликтүү шайлоо тууралуу мыйзамдарды алып караганда

бул эреже "туруктуу жашаган жери", "убактылуу жашаган (турган) жери" түшүнүктөрүн анчалык так аныктай албайт. Ал эми бул болсо жергиликтүү шайлоо үчүн өтө маанилүү. Анткени "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзам тиешелүү жергиликтүү кеңештерди шайлоого катышуу укугун "жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү" болуп эсептелгендерге, башкача айтканда "жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жалпы кызыкчылыктары менен бириккен тиешелүү айылдык аймактын, шаардын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жаранына" берет. "Ички миграция жөнүндө" мыйзамда "туруктуу жашаган" деген терминдин чоо-жайы тууралуу эч нерсе жазылган эмес. Болгону ошол жарандын менчик укугунда болгон турак жай жөнүндө гана айтылат (16-берененин 2-бөлүгү). Эгерде жарандын ар кайсы шаарда жана айылда бир нече турак жайы бар болсо, ошол үйдө канча күн жашаса туруктуу жашады деп эсептелинет? Мындан тышкары "туруктуу жашоо" жана "көп учурда жашоо" деген түшүнүктөр бар. Ал эми бул түздөн түз жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына да тиешелүү да. Себеби жарандарды каттоо жана алардын каттоосун көзөмөлдөө функциясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген ("Ички миграция жөнүндө" Мыйзамдын 13-беренесинин 5-6-бөлүктөрү).

Мына ушул жагынан алып караганда ички миграция жөнүндө мыйзамдарды жаңы түшүнүктөр жана параметрлер менен толуктоо зарылчылыгы анык болуп турат. Ошол түшүнүктөр жарандын статусун туруктуу жашаган же убактылуу жашаган ж.б. бир түрдүү чечмелөөгө жол бермек.

Макаланын авторунда тигил же бул статусту кантип аныктап, ички миграция жөнүндө мыйзамдарга канчалык деңгээлде толуктоо киргизсе болору жаатында азырынча кандайдыр бир так пикир жок. Бир гана нерсе анык болуп турат – шайлоо процесстеринде шайлоочуну биометрикалык маалыматтар боюнча так идентификациялоого жол ачкан жаңы технологияларды колдонуунун шарттарында шайлоочунун тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөсү катары статусу чоң мааниге ээ болот жана бул статусту аныктоонун так тартибинин зарылчылыгы – өтө маанилүү тапшырма!

### Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларын – мэрлерди жана айыл өкмөт башчыларын түз шайлоону киргизүү керекпи?

Окурмандын эсинде болсо керек, 2011-жылы "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" колдонуудагы Мыйзам "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзам менен дээрлик бир маалда иштелип чыккан. Ошондо ЖӨБдүн аткаруу органдарынын башчыларын шайлоо тартиби жөнүндө кызуу талкуулар орун алган. Бирок ошондо эле "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзам долбоорун иштеп чыгууда көпчүлүк мыйзам чыгаруучулар мэрлерди жана айыл өкмөт башчыларын шайлоо тартиби тууралуу диспозитивдүү ченемдерди киргизүү тууралуу идеяны четке кагышкан. Жөнгө салуунун диспозитивдүү ыкмасы тууралуу идеяга ылайык, жергиликтүү жамааттарга өз уставдарында төмөнкү учурда кызматтык адамдарды шайлоо тартиби тууралуу маселени өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү берилет: эгерде кайсы бир айылдык аймактын жергиликтүү жамааты өз уставында өз айыл өкмөт башчысын түз шайлоону же дайындоону аныктабаса, анда шайлоону кеңеш өткөрөт.

Жергиликтүү жамааттарга өз уставында ЖӨБдүн аткаруу органынын башчысын шайлоо (дайындоо) тартибин белгилөө укугун берүү чыныгы өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө чоң түрткү болуп, жарандардын өзүнө болгон ишенимин жогорку деңгээлге чыгарып, алар жамааттын жалпы ишине аралашканын сезишмек. Бул болсо жергиликтүү калктын мамлекеттик саясатка карата наразылыгын да жок кылмак[1].

Бул маселе өтө маанилүү жана чечим кабыл алган адамдардын кеңири талкуусуна берилиш керек. Түз шайлоо институтун киргизүү тууралуу чечим кабыл алынган учурда эки мыйзамга түзөтүүлөрдү киргизиш керек: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамга жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамга. Балким "Муниципалдык кызмат жөнүндө" мыйзамга да өзгөртүү киргизилет. Мындан улам өзгөчө түз шайлоону бюджеттик камсыздоо көз карашынан алганда 2016-жылы күзүндө өтчү шайлоого чейин бул маселени бир өңчөй чечүү мүмкүн болбогону анык.

Жогоруда айтылгандардан улам кандай тыянак жасасак болот?

Жогорку Кеңештин депутаттарын жаңы технологиялар жана мыйзамдар боюнча шайлоонун натыйжасы жергиликтүү шайлоолордун болочок моделин аныктоодо негизги идея болуп эсептелет.

Эгерде баары ойдогудай болсо, анда жергиликтүү шайлоо да жаңы технологияларды жана эрежелерди пайдалануу менен өтөт.

Бирок бир катар мыйзамдык актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизмейинче шайлоо процессин "технологизациялоо" миграцияны эсепке алуу, жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуу активдүүлүгүн жогорулатуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын көз карандысыздыгы өңдүү маселелерди чечпейт.

Жергиликтүү кеңештерди шайлоого чейин убакыт өтө аз калды. Буга байланыштуу шайлоо мыйзамдарына кандайдыр бир кескин өзгөртүүлөрдү киргизүү максатка ылайыктуу болбой турат.

[1] Адамдын өнүгүүсү тууралуу Улуттук доклад-2012: "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – адамдын өнүгүүсүнүн, коомдогу туруктуулуктун жана экономикалык өсүштүн негизи"



# КАЙРАДАН БИОМЕТРИКАЛЫК КАТТОО ТУУРАЛУУ

**Анарбек ИСМАИЛОВ,**
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Кыргыз Республикасынын Жогорку
Кеңештиндеги ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун
басары – укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы

Үстүбүздөгү жылдын июль айында "Муниципалитет" журналынын №7 (44) санында жарыяланган "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоо-2015: добуш берүүнүн жаңы процесси" аттуу макалада шайлоо мыйзамдарындагы жаңылыктар тууралуу баяндап, шайлоочулардын тизмесин даярдоо, добуш берүү жана добуштарды эсептөө процессин кеңири сүрөттөп бергенбиз.

Эскерте кетели, шайлоо процесстерин өркүндөтүү маселесин Кыргыз Республикасынын Президенти көтөргөн жана 2013-2014-жылдар мезгилиндеги Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы ПЖ №11 Жарлыгы менен бекитилген) өлкөнүн артыкчылыктуу тапшырмаларынын бири катары кошулган.

Аталган Стратегияда мыйзамдарга төмөнкүлөрдү камсыздай турган зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү тапшырмасы коюлган:

- шайлоо процессинин катышуучуларынын мыйзам менен тыюу салынган технологияларды натыйжалуу аныктап чыгуу жана ага бөгөт коюу;
- шайлоо мыйзамдарынын сакталышына көзөмөлдү күчөтүү. Мыйзам бузган жана кыянаттык менен пайдаланган шайлоо процессинин катышуучуларын жазалоо;
- калктын аярлуу катмарларынын өкүлдөрү, аялдар, улуттук азчылыктын өкүлдөрү, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн шайланууга укук берүү.

Практикалык иш-аракеттердин деңгээлинде шайлоо процессин байкоо каражаттары (көзөмөл камералары, биометрикалык паспорттор, электрондук добуш берүү каражаттары ж.б.) менен камсыздоо болжолдонгон.

Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин чечимдерин аткаруу үчүн Жумушчу топ түзүлгөн. Ал шайлоо процесси маалындагы бардык көйгөйлөргө анализ жүргүзүп, добуш берүүчүлөрдүн тизмесин түзүү жана добуш берүү баскычтарында пайда болгон көйгөйлөрдү негизги деп тааныган.

Шайлоочулардын тизмесин түзүү баскычында эле төмөнкүдөй көйгөй бар: актуалдуу эмес тизмелер, башкача айтканда, көп жыл мурда дүйнөдөн кайткандардын, же аты-жөнүн өзгөрткөндөрдүн, башка жакка көчүп кеткендердин тизмелери. Мына

ошондон улам шайлоочулардын тизмеси ашкере кеңейип кеткен. Буга байланыштуу шайлоо бюллетендеринин да саны ашыкча болду, өтө көп ашык бюллетень басып чыгарылып, алар бардык шайлоо участокторунда таратылган. Бул болсо ашыкча бюллетендерди шайлоо үкөктөрүнө ыргытуу жолу менен аларды кара ниет колдонуу мумкүнчүлүгүн берген. Шайлоочулардын тизмесине байланышкан мындай кырдаал тизмени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары түзүп жүргөн 90-жылдардын соңунан бери уланып келатканын эске сала кетели. Шайлоочулардын "көптүрүлгөн" тизмесине байланышкан кырдаал баарына пайдалуу болчу: бийликке (административдик ресурсту колдонуу менен алар тизмени өз кызыкчылыгына пайдаланып, бюллетендерди каалашынча таштай алышкан); шайлоонун оппозициялык катышуучуларына (саясий партияларга, талапкерлерге жана алардын байкоочуларына, алар шайлоочулардын тизмесиндеги бурмалоолорду бетке кармамак). Кырдаал тууралуу Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюродон, ЕККУдан шайлоого көз салган байкоочулар тарабынан да көп жолу сөз болгон; алар бул кырдаалды шайлоонун таза жана ачык-айкын өтпөгөнүн ырастаган эң көп колдонулган доомат деп эсептешкен.

Шайлоочулардын "көптүрүлгөн" тизмеси категориалдык гранттардын суммасын жана муниципалитет үчүн көрсөтүлчү башка мамлекеттик жардамдын көлөмүн көбөйтүүгө жан үрөп келишкен жергиликтүү өз алдынча башкарууга да пайдалуу болчу (гранттын же борбордон берилчү башка жардамдын көлөмүн аныктоо үчүн калктын саны өтө чоң мааниге ээ). Буга катар "даректик башаламандык" деп аталып калган башка бир көйгөй курч турган: эгемендик алгандан бери көптөгөн калктуу конуштардын, көчөлөрдүн жана тар көчөлөрдүн аталыштары өзгөргөн. Анткен менен ошол жаңы аталыштары тиешелүү деңгээлде жол-жоболоштурулган эмес же катталбай калган (көптөгөн жаңы даректер жаңыча да, эскиче да аталып жүрөт). Мына ошентип кош аталыштар да пайда болду, көптөгөн үйлөрдүн номуру жок. Ошентип өлкөнүн алдында чоң милдет турду – түрдүү топтордун кызыкчылыктарына карабастан бул тизмелерди жакшылап "тазалап" чыгуу, ошондой эле бирдиктүү жана актуалдаштырылган даректүү реестр түзүү.

Добуш берүүнүн баскычында бир эле адам бир нече участокто добуш берген, же бир эле участокто бир нече жолу бюллетень таштай алган "карусель" деп аталган маселе өзгөчө көйгөйлүү болду. Бул көрүнүш добуштардын теңдиги принцибин (бир шайлоочу – бир добуш) бузат. Ушул эле баскычта бюллетендерди ашыкча таштоо көйгөйү да орун алып келет. Башкача айтканда, ашыкча басып чыгарылган бюллетендер кандай бир жол менен кайсы бир талапкердин (партиянын) пайдасына толтурулуп, добуш берүү учурунда үкөккө ташталат (кээде бюллетендерди эсептеп жаткан маалда).

Жумушчу топ узакка созулган талаш-тартыштардан жана коомдук талкуулардан кийин төмөнкү түрдөгү техникалык жаңычылдыктарды жайылтуу жолу менен чечүүгө болот деген чечимге келди:

- Шайлоочулардын милдеттүү биометрикалык каттоосу жана тизмеге ошондой каттоодон өткөн гана жарандарды кошуу. Бул болсо "адаштардын" жана "өлүү жандардын" тизмеге кирип калуусун болтурбайт. Биометрикалык каттоодон өтпөгөн адамдар шайлоочулардын тизмесине киргизилбейт, демек алар добуш бере алышпайт.
- Добуш берүү күнү шайлоочуну манжаларынын изи боюнча милдеттүү түрдө идентификациялоо. Бул болсо кызыкдар талапкер (партия) бир нече шайлоочуну добуш берүүгө барбай коюуга көндүрүп, алардын паспортун убактылуу алып, ошол талапкердин (партиянын) өкүлү шайлоого катышпай калган жарандардын ордуна добуш бере ала тургандай "паспорт ижарасы" деп аталып калган көрүнүштү болтурбоого жол берет[1].

Добуш берүүнү эсептөө баскычында автоматтык түрдө эсептеген үкөктөрдү колдонуу. Бул айырмачылык жаңы укуктук нормалар менен кошо бюллетенди эсептөөдө "адам факторунун" таасирин бир кыйла азайтат.

Жумушчу топтун жогорудагы чечимдерин негизге алуу менен Жогорку Кеңештин депутаттары "Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга түзөтүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорлорун иштеп чыгып, парламенттин кароосуна киргизишкен. Бул мыйзам долбоорлорун Жогорку Кеңеш кабыл алып, өлкө башчысы кол койгон. Эми алар колдонуудагы мыйзамдар болуп эсептелет.

Жогоруда аталган мыйзамдардын негизги жоболорун эсиңиздерге салалы.

"КР жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө" Мыйзам бардык жарандарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына (мындан ары – МКК) манжа издерин жана санарип форматтагы сүрөттөрдү берүү жолу менен биометрикалык каттоодон өтүүгө милдеттендирет.

"Кыргыз Республикасынын Президенти жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамга түзөтүүлөр (мындан ары – "шайлоо жөнүндө мыйзамга түзөтүүлөр") киргизилип, анда шайлоочулардын тизмесине биометрикалык каттоодон өткөн жарандарды гана кошуу

[1] Мурда шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү менен талапкерлер (партиялар) жең ичинен сүйлөшүп алган үчүн участокко келген шайлоочунун тек жайы өтө кылдаттык менен такталбай калчу. Ал эми байкоочулар шайлоочунун тек жайын аныктоонун жол-жобосун дайыма эле жакшы көзөмөлдөй албай алат

тууралуу эреже да көрсөтүлгөн. Шайлоого чейин белгиленген күнгө дейре (добуш берүүгө 15 күн калганда, б.а., 2015-жылдын 19-сентябрына чейин) биометрикалык каттоодон өтпөгөн адамдар шайлоочулардын тизмесине киргизилбейт, демек шайлоого да катыша албайт.

Эки мыйзамдагы жогорудагы жоболорду калктын басымдуу бөлүгү өзгөчө каршылыксыз кабыл алды. Анткен менен буларга кескин каршы болгон адамдар чыкты жана атүгүл аларды жокко чыгаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна караштуу Конституциялык палатага (мындан ары – “Конституциялык палата”) кайрылышты. Алар жарандардын жеке жашоо сырына (“Биометрикалык каттоо жөнүндө” Мыйзамдын бөлүгүндө) жана шайлоого катышууга (шайлоо тууралуу мыйзамдарга түзөтүүлөр бөлүгүндө) болгон конституциялык укуктары бузулганын жүйө келтиришти.

Бул дооматтар канчалык укуктуу?

Ушул берененин автору Жумушчу топтун пикирине, ошондой эле мыйзамдардагы аталган түзөтүүлөрдү иштеп чыккан, кабыл алган жана бекиткен (кол койгон) Жогорку Кеңештин көпчүлүк депутаттарынын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин бул мыйзамдар Конституцияга каршы келбейт деген пикирлерине кошулат. Эсиңиздерге салалы, шайлоо тууралуу мыйзамга киргизилген түзөтүүлөр конституциялык мыйзам болуп эсептелет жана аны Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынан үчтөн бири кабыл алынат, бул болсо 120 депутаттын 80ден кем эмеси дегенди билдирет! Мыйзам жаратуу үчүн бир кыйла бай тажрыйбага ээ, демек укуктук экспертизаны билген ушунча сандагы депутаттар Конституцияга карама-каршы келген документ кабыл алууга жол бериши мүмкүн болгонун элестетүү кыйын. Атүгүл Европадагы Коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) башкы катчысы Л.Заньер биометрикалык каттоого жана анын шайлоо процессинде колдонулушуна жогорку баасын берди (http://kg.akipress.org/news:620294).

Жогоруда айтылган жаңы жоболор Конституцияга карама каршы келбейт жана анын принциптерине, ошондой эле адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык актыларга толугу менен шайкеш келет.

Шайлоо тууралуу мыйзамдарга түзөтүүлөр 20-берененин 2-бөлүгүнүн, 4-5-бөлүктөрүнүн, 52-берененин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун жоболоруна, ошондой эле “Биометрикалык каттоо жөнүндө” мыйзам Конституциянын 29-беренесинин 3-бөлүгүнө негизделген.

Айталы, Конституциянын 20-беренесинин 2-бөлүгүндө мындай деп айтылган: “Адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болушу керек”.

Шайлоого байкоо салган ЕККУ жана башка уюмдар (анын ичинде кыргызстандык бейөкмөт уюмдар да) дайыма айтып келген “ыпылас” шайлоонун негизги себептери төмөнкүлөр болчу:

- тизмелерди “ашыкча көбөйтүү” жолу менен шайлоочулардын тизмесин болуп көрбөгөндөй бурмалоо (дүйнөдөн кайткан адамдарды, башка жакка көчүп кеткендерди же аты-жөнүн өзгөртүп алгандарды тизмеге кошуу) “бир шайлоочу- бир добуш” принцибин бузууга алып келет. Мында бир эле адам бир же бир нече участокто көп жолу добуш бере алат.
- шайлоочулардын “ашыкча көбөйтүлгөн” тизмесине негизделген бюллетендердин санын жасалма көбөйтүү, бул болсо ашыкча бюллетендерди добуш берүү маалында үкөккө таштоо жолу менен “туура” колдонуу мүмкүнчүлүгүн берет;
- добуштарды эсептөө маалында ашып калган бюллетендерди уучтап таштоо.

Конституциянын жогоруда келтирилген формулировкасын жана ЕККУ көрсөткөн себептерди карманып, суроо береличи – талашып жаткан мыйзамдар улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын, адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо милдеттерин аткарып жатабы?

Бир адам бир нече жолу (карусель), ал эми башка адам бир гана жолу добуш берген учурда бул башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузабы? Ашыкча бюллетендерди шайлоо үкөгүнө уучтап таштоо, башкача айтканда добуш берүүнү бурмалоо калктын, өзгөчө жаштардын адеп-ахлактуулугуна таасирин тийгизеби? Мындай шайлоону таза өттү деп эсептей алабызбы? Добуштарды бурмалоо жолу менен келген парламентти легитимдүү деп эсептесе болобу жана ал кабыл алган мыйзамдарга, ал түзгөн Өкмөткө ишеним болобу? Мындай шарттарда коомдогу туруктуулукка жана стабилдүүлүккө ишеним артуу мүмкүнбү? Акыр аягында жогоруда аталган “карусель” жана бюллетендерди уучтап ыргыткан көрүнүштөр, ишеним жаратпаган парламент жана өкмөт наарazылык акциялары, массалык башаламандыктар үчүн себеп болгондо таза эмес өткөн шайлоо улуттук коопсуздукка коркунуч катары эсептелеби? Бул суроолорго жооптор айтпаса да белгилүү!

Ар тараптуу чечимдерди талап кылган артыкчылыктуу мамлекеттик максат катары эркин жана таза шайлоону камсыздоо милдети Туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында да көрсөтүлгөн. Таза эмес шайлоонун кесепеттери Кыргызстанга маалым.

Ошентип айрым адамдар макул болбогон мыйзамдар биринчи кезекте өзгөчө маанилүү мамлекеттик тапшырманы аткарууда – таза, акыйкат жана эркин шайлоону камсыздоо. Кандайдыр бир укуктар чектелип жаткан күндө да ал улуттук коопсуздук...

суздукту, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлагын сактоо жана башка адамдардын эркиндиктерин коргоо максатында гана жасалууда. Бул мыйзамдар түп-тамырынан бери төм. чечет:

- “бир шайлоочу – бир добуш” принцибин чындап камсыздоо маселеси тизмеге биометрикалык каттоодон өткөн шайлоочуларды гана киргизүү, мындан улам катталган шайлоочулардын санына шайкеш келген бюллетендерди гана басып чыгаруу, ошондой эле “каруселди” колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу жолу менен чечилет;
- добуштарды автоматтык түрдө эсептей турган шайлоо үкөктөрүн колдонуу жолу менен бюллетендерди уучтап ыргытуу маселеси чечилет.

Эми дагы бир суроого жооп издеп көрөлүчү: Конституцияда улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлагын сактоо жана башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында да чектөөгө болбой турган кандайдыр бир укуктар жана эркиндиктер барбы? Жообу – ооба, бар. Бул укуктар жана эркиндиктер Конституциянын 20-беренесинин 4-5-бөлүктөрүндө толугу менен көрсөтүлгөн. Бирок жеке жашоо тууралуу маалыматты колдонууга укук, ошондой эле шайлоо жана шайлануу укугу бул тизмеге кирген эмес! Конституциянын 20-беренесинин 4-5-бөлүктөрүн окуп көрөлү:

“4. Төмөнкүдөй тыюу салуулар боюнча ушул Конституцияда белгиленген кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес:

1) өлүм жазасын, кыйноону, дагы башка адамкерчиликсиз, мыкаачылык мамилени же болбосо жазалоонун кадыр-баркты басмырлаган түрлөрүн колдонууга карата салынган тыюуларга чектөө;
2) алардын ыктыярдуу макулдугу талаптагыдай билдирилмейинче жана ырасталмайынча адамдарга медициналык, биологиялык, психологиялык тажрыйбаларды жүргүзүүгө;
3) кулчулукка, адамдарды соодалоого коюлган;
4) бала эмгегин эксплуатациялоого;
5) жарандык-укуктук милдеттенмени аткарбоонун негизинде эркиндигинен ажыратууга карата салынган;
6) инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоого;
7) ой-пикирин, диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө жана алардан баш тартууга мажбурлоого;
8) тынч чогулууга катышууга мажбурлоого;
9) өзүнүн кайсы этноско таандык экенин аныктап көрсөтүүгө мажбурлоого;
10) турак-жайынан өзүм билемдик менен ажыратууга.

5. Ушул Конституцияда белгиленген төмөндөгүдөй укуктар эч чектелүүгө тийиш эмес:

1) ар бир эркиндигинен ажыратылган адамдын өзүнө адамкерчиликтүү мамиле кылууну жана адамдык кадыр-баркын сыйлоону талап кылуу;
2) ырайым кылууну же жазасын жеңилдетүүнү суранууу;
3) жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу;
4) ой-пикир эркиндиги тууралуу;
5) диний же башка ынанымдарды эркин тандап алуу жана ээ болуу;
6) өзүнүн кайсы этноско таандык экенин эркин аныктоо жана көрсөтүү;
7) кызматтык милдеттерди аткаруу учурунда мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз иш-аракеттери менен келтирилген зыяндын ордун мамлекеттен толтуртуп алуу;
8) соттук коргонуу;
9) мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алуу;
10) жарандын Кыргыз Республикасына тоскоолдуксуз кайтып келүү укугу”.

Конституциянын 20-беренесинин 4-5-бөлүктөрүндө келтирилген укуктар жана эркиндиктер абсолюттук болуп эсептелет жана жогоруда айтылгандай кандайдыр бир чектөөгө же мыйзамдар менен жокко чыгарууга болбойт. Конституцияны өзгөртүү менен гана абсолюттук укуктардын бул тизмесин өзгөртүүгө же жокко чыгарууга болот.

Бул тизме толук болгондуктан улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлагын сактоо жана башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында калган башка укуктар жана эркиндиктер чектелиши мүмкүн. Адамдын жеке турмушу тууралуу маалыматты чогултууга, сактоого, колдонууга жана жайылтууга тыюу “Биометрикалык маалымат жөнүндө” мыйзам жана шайлоо тууралуу мыйзамга түзөтүүлөр күчүндө болгон чөйрө катары абсолюттук укуктардын жана тыюулардын жогоруда келтирилген тизмесине кирбейт. Тескерисинче, Конституция 29-беренесинин 3-бөлүгүндө мындай тыюуну жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн: “Мыйзамда белгиленген учурлардан тышкары адамдын макулдугусуз анын жеке турмушу тууралуу маалыматты, жашыруун маалыматты жыйноого, сактоого, пайдаланууга жана жайылтууга жол берилбейт”.

Ошондой эле бул шайлоо жана шайлануу укуктарына да тиешелүү маселе. Конституциянын 52-беренесинин 1-бөлүгүн 2-пунктунда “Жарандар Конституцияда жана мыйзамдарда каралган тартипте мамлекеттик бийлик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын шайлоого жана аларга шайланууга укугу бар болгону” айтылат. Башкача айтканда, Конституциянын бул нормасы мыйзам чыгаруучуга шайлоонун тигил же бул

өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле улуттук коопсуздукту камсыздоо, коомдук тартипти, калктын адеп-ахлагын сактоо жана башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо кызыкчылыктарын эсепке алуу менен жарандарды шайлоого катыштыруу тартибин орнотуу укугун берет.

Мисалы, шайлоо мыйзамдары мурда да, азыр да шайлоого эркинен ажыратылган адамдардын катышуусун чектейт. Эмнегедир бул эч кимде эч кандай шекти же нааразылыкты жараткан жок! Же болбосо шайлоо тууралуу мыйзамдардагы (мурдагы да, учурда колдонуудагыларды да) шайлоочу шайлоо комиссиясына өз паспортун же тек жайын тастыктаган башка документин берүүгө милдеттүү деген норманы алалы. Эгерде ал бул документти көрсөтпөсө, анда ага шайлоого катышууга уруксат берилбейт. Ал эми шайлоочудан биометрикалык каттоонун болушун талап кылуу соттолбогонун тастыктоону, же добуш берүүчүнүн тек жайын тастыктаган документти көрсөтүүнү талап кылууга барабар да!

Ошентип "Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө" мыйзам жана шайлоо тууралуу мыйзам шайлоочулардын укуктарынын теңдиги жана жеке турмуштун сырларын сактоо укугу тууралуу Конституциянын бардык талаптарына толугу менен шайкеш келет деп ишенимдүү айта алабыз.

"Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө" мыйзамдын жана шайлоо тууралуу мыйзамдын Конституцияга шайкештигин талашып жаткан жарандар бул мыйзамдар адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык актыларды бузуп жатканын да ырастоодо. Бул эл аралык актылар биздин мыйзамдардын бир бөлүгү болуп эсептелет. Негизги документтерге – Адам укуктарынын жалпы декларациясы менен Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пактка сереп жасап көрөлү. Бул анализ да мыйзамдар бузулбаганын тастыктап берет!

Айталы, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 12-беренеси жана 21-беренеси адамдын жеке турмушуна ээнбаштык менен кийлигишүүгө тыюу салып, ошондой эле шайлоо жолу менен өз өлкөсүн башкарууга катышууга укук берет. Ошол эле маалда 29 (2)-беренесинде мындай деп белгиленген: «Өз укуктары менен эркиндиктерин иш жүзүнө ашырууда ар бир адам эң оболу башкалардын укуктары менен эркиндиктерин тийиштүү түрдө таанууну жана урматтоону камсыз кылуу жана демократиялык коомдо адеп-ахлактын, коомдук тартиптин жана жалпы бакубаттыктын акыйкат талаптарын канааттандыруу үчүн мыйзам тарабынан белгиленген чектөөлөргө гана дуушарланууга тийиш".

Жарандык жана саясий укуктар тууралуу эл аралык пакт да андагы укуктарды, аны менен катар шайлоого катышуу укуктарын жүйөлүү чектөө мүмкүнчүлүгүн караштырат. Бул тууралуу Пакттын 25-беренесинде айтылат: "Ар бир жаран эч кандай басымга кабылбастан жана жүйөсүз чектөөлөрсүз төмөнкүлөргө укугу жана мүмкүнчүлүгү бар: b) жашыруун добуш берүү жолу менен, шайлоочулардын эркин билдирүүсүн камсыздаган жалпы жана тең шайлоо укугунун негизинде шайлоого жана шайланууга". Ошентип Пакт жүйөсүз чектөөлөргө тыюу салат. Бирок эгерде бул тыюу салуу жүйөлүү болсо жана мыйзамдар менен бекитилсе, аларды кабыл алууга болот. Ушундан улам адам укуктары чөйрөсүндөгү бир дагы эл аралык уюм эркинен ажыратылган адамдардын шайлоо укуктарын чектеген мамлекеттерге эч кандай доомат артпаганы жөн жеринен эместир.

"Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө" мыйзамды жана шайлоо тууралуу мыйзамды кабыл алуу менен, биздин мамлекет адам укуктары чөйрөсүндөгү бир дагы эл аралык документти бузган жок.

Атүгүл дагы бир фактты эске алуу зарыл: "Жарандардын биометрикалык каттоосу жөнүндө" мыйзам 2014-жылы кабыл алынган жана анын негизинде жарандарды маалымдоо боюнча үзгүлтүксүз иштер жасалып келатат. Мына, бир жыл болоюн деп калды! Биометрикалык каттоодон өтпөгөн добуш берүүчүлөр шайлоочулардын тизмесине киргизилбей турганы 2015-жылдын жай мезгилинде шайлоо тууралуу мыйзам кабыл алынганга чейин эле белгилүү болгон. Бул тууралуу бир нече жолу өкмөт да, Жогорку Кеңештин депутаттары да айтышкан. Шайлоо тууралуу мыйзамдардын шайлоо процесси маалында биометрикалык маалыматтар боюнча добуш берүүчүлөрдү милдеттүү түрдө идентификациялоо бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгына байланышкан маселе Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңеште да каралган. Ал "Таза шайлоо – өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн кепилдиги" маселеси боюнча Кеңештин 2014-жылдын 27-октябрындагы чечиминде айтылат. Аталган Чечимдин 3-пункту менен Жумушчу топко тиешелүү мыйзам долбоорлорун топтун мүчө-депутаттары аркылуу Жогорку Кеңештин кароосуна киргизүү тапшырылган. Бул мыйзам долбоорлору Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин базасында шайлоочулардын тизмесин түзүүнү караштырат. Анда жарандардын биометрикалык маалыматтары да, ошондой эле шайлоого катышууга биометрикалык маалыматтарын тапшырган жарандарга гана уруксат берүү тууралуу норма да камтылган. Кеңештин бул чечими бардык массалык маалымат каражаттарында басып чыгарылган. Өкмөт биометрикалык каттоодон өтүү зарылчылыгы тууралуу калкты үзбөй маалымдап турган. "Биометрикалык каттоо жөнүндө" мыйзам жана "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө" мыйзам Конституцияга шайкеш келбейт деген шылтоо менен биометрикалык маалыматтарын тапшырууну каалабаган жарандар бул жүйөсүз болгонун так түшүнүш керек. Мындай пикирлерди колдоп, каттоодон өтпөй койгон жарандар өздөрүн өзү шайлоого катышуу укугунан ажыратып жатат. М

**Муниципалдык кызматты өтөөгө тиешелүү суроолору бар муниципалдык кызматкерлердин суранычы боюнча "Муниципалитет" журналы, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын аймактык өкүлчүлүктөрүнүн кураторлорунун тизмесин жарыялайт**

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Борбордук аймактык өкүлчүлүгүнүн (КР МКК БАӨ) КУРАТОРЛОРУНУН ТИЗМЕСИ

| № | Райондун (шаардын) аталышы | Куратордун ФАА | Ээлеген кызмат орду | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|
| **ТАЛАС ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Талас шаары | Абдралиев Уланбек Самаганович | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03422 5-48-99 |
| 2 | Манас району | Абдралиев Уланбек Самаганович | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03422 5-48-99 |
| 3 | Бакай-Ата району | Нуржанова Джузумкан Камбаровна | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03422 5-48-99 |
| 4 | Кара-Буура району | Нуржанова Джузумкан Камбаровна | МКК БАӨнүн башкы адиси | 03422 5-48-99 |
| 5 | Талас району | Абдралиев Уланбек Самаганович | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03422 5-48-99 |
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Кемин району | Калыкова Алтынай Темирбековна | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03138 5-73-80 |
| 2 | Чүй району | Калыкова Алтынай Темирбековна | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03138 5-73-80 |
| 3 | Токмок шаары | Калыкова Алтынай Темирбековна | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 03138 5-73-80 |
| 4 | Ысык-Ата району | Арманбеков Артур Адисович | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 0 312 61-54-12 |
| 5 | Аламүдүн району | Кубатбеков Медет Азимджанович | МКК БАӨнүн башкы адиси | 0 312 61-54-12 |
| 6 | Сокулук району | Таштемирова Разия Топчубаевна | МКК БАӨнүн адиси | 0 312 61-45-19 |
| 7 | Москва району | Кожошов Нуржигит Карыбекович | МКК БАӨнүн жетектөөчү адиси | 0 3133 3-73-22 |
| 8 | Жайыл району | Джусупбеков Назимбек Искендерович | МКК БАӨнүн адиси | 0 3133 3-73-22 |
| 9 | Панфилов району | Джусупбеков Назимбек Искендерович | МКК БАӨнүн адиси | 0 3133 3-73-22 |

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Түштүк аймактык өкүлчүлүгүнүн (КР МКК Түштүк АӨ) КУРАТОРЛОРУНУН ТИЗМЕСИ

| № | Райондун (шаардын) аталышы | Куратордун ФАА | Ээлеген кызмат орду | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Алай району | Сулайманкулов Мирлан Исмаилбекович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0 (3222) 55473 |
| 2 | Араван району | Абдилазизова Айжан Камилжановна | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0 (3222) 55048 |
| 3 | Кара-Кулжа району | Ыбышова Гулмира Тагайбековна | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3222) 49129 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | Кара-Суу району | Осмонали уулу Каныбек | МКК Түштүк АӨнүн адиси | 0 (3222) 49137 |
| 5 | Ноокат району | Сулайманкулов Мирлан Исмаилбекович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0 (3222) 55473 |
| 6 | Өзгөн району | Ыбышова Гулмира Тагайбековна | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3222) 49129 |
| 7 | Чоң-Алай району | Сулайманкулов Мирлан Исмаилбекович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0 (3222) 55473 |
| 8 | **Ош шаары** | Аккозиев Алмаз Байитович | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3222) 55076 |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Кадамжай району | Капаров Шавкатбек Шарабидинович | МКК Түштүк АӨнүн адиси | 0 (3222) 49137 |
| 2 | Кызыл-Кыя шаары | Капаров Шавкатбек Шарабидинович | МКК Түштүк АӨнүн адиси | 0 (3222) 49137 |
| 3 | Баткен району | Эркебаев Рашид Элчибекович | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3622) 51429 |
| 4 | Баткен шаары | Эркебаев Рашид Элчибекович | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3622) 51429 |
| 5 | Лейлек район | Кенжебаев Данияр Исамидинович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3622)51429 |
| 6 | Сүлүктү шаары | Кенжебаев Данияр Исамидинович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3622)51429 |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Ала-Бука району | Асилбеков Болот Сапарович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3741) 50230 |
| 2 | Аксы району | Асилбеков Болот Сапарович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3741) 50230 |
| 3 | Чаткал району | Асилбеков Болот Сапарович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3741) 50230 |
| 4 | Базар-Коргон району | Кадыркулова Умсун Алымкуловна | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3722) 24566 |
| 5 | Ноокен району | Салаев Жылдызбек Жунусалиевич | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3722) 24566 |
| 6 | Токтогул району | Сатыбалдиев Тимурлан Рахманжанович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0 (3746) 52236 |
| 7 | Тогуз-Торо району | Салаев Жылдызбек Жунусалиевич | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0 (3722) 24566 |
| 8 | Сузак району | Кадыркулова Умсун Алымкуловна | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3722) 24566 |
| 9 | Жалал-Абад шаары | Туркбаев Каныбек Бактыбекович | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3722) 24306 |
| 10 | Таш-Көмүр шаары | Сатыбалдиев Тимурлан Рахманжанович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3746) 52236 |
| 11 | Кара-Көл шаары | Сатыбалдиев Тимурлан Рахманжанович | МКК Түштүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 0(3746) 52236 |
| 12 | Майлуу-Суу шаары | Туркбаев Каныбек Бактыбекович | МКК Түштүк АӨнүн башкы адиси | 0 (3722) 24306 |

## Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын Түндүк аймактык өкүлчүлүгүнүн (КР МКК Түндүк АӨ) кураторлорунун тизмеси

| № | Райондун (шаардын) аталышы | Куратордун ФАА | Ээлеген кызмат орду | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Балыкчы шаары | Кукеева Гулнара Муканбетовна | МКК Түндүк АӨнүн жетекчисинин орун басары | 03944 4-00-78 |
| 2 | Жети-Өгүз району | Мокешова Элмира Койчумановна | МКК Түндүк АӨнүн башкы адиси | 03922 5-05-65 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Түп району | Мокешова Элмира Койчумановна | МКК Түндүк АӨнүн башкы адиси | 03922 5-05-65 |
| 4 | Каракол шаары | Омурзакова Айнура Камаевна | МКК Түндүк АӨнүн башкы адиси | 03922 5-05-65 |
| 5 | Ак-Суу району | Омурзакова Айнура Камаевна | МКК Түндүк АӨнүн башкы адиси | 03922 5-05-65 |
| 6 | Ысык-Көл району | Курманалиев Тилек Шаршенбекович | МКК Түндүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 03944 4-00-68 |
| 7 | Тоң району | Токтобаев Арсен Алмасбекович | МКК Түндүк АӨнүн адиси | 03944 4-00-68 |
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | | | | |
| 1 | Нарын шаары | Акуналиев Болот Аскарбекович | МКК Түндүк АӨнүн адиси | 03522 5-13-00 |
| 2 | Жумгал району | Акуналиев Болот Аскарбекович | МКК Түндүк АӨнүн адиси | 03522 5-13-00 |
| 3 | Ат-Башы району | Ниязалиев Макмутказы | МКК Түндүк АӨнүн башкы адиси | 03522 5-23-00 |
| 4 | Ак-Талаа району | Абдрахманов Таласбек Халилович | МКК Түндүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 03522 5-13-00 |
| 5 | Нарын району | Абдрахманов Таласбек Халилович | МКК Түндүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 03522 5-13-00 |
| 6 | Кочкор району | Курманалиев Тилек Шаршенбекович | МКК Түндүк АӨнүн жетектөөчү адиси | 03944 4-00-68 |

ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ

# Жамааттын мүчөсү болбогон адамга көрүстөндөн орунду акыга берүү тууралуу

**Бектурган ОРОЗБАЕВ**
тарабынан даярдалды

## СУРОО

*Бишкек шаарына жакын жайгашкан муниципалитеттердин биринде ЖӨБ органдары көз жумган адамдын сөөгүн жерге жашыруу үчүн көрүстөндөн жер участогун берүүгө бул муниципалитетте жашабаган жана муниципалитеттин аймагында 5 жылдан аз жашаган жарандар үчүн акыга кызмат көрсөтүү (25 000 сомго чейин) тууралуу чечим кабыл алган. Бул эреже айылдык кеңештин токтому менен бекитилген.* ***Бул чечим канчалык мыйзамдуу?***

## ЖООП

Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүү тууралуу мыйзамдар КР Конституциясына, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" КР Мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) негизделет жана ушул Мыйзамга ылайык кабыл алынган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

Мыйзам мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн негизги принциптерин белгилейт, бул чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдө аткаруучулар менен керектөөчүлөрдүн ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салат, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрин, аларды көрсөтүүнүн стандарттарын түзүүнүн тартибин аныктайт.

Мыйзамдын 1-беренеси муниципалдык кызмат көрсөтүүгө аныктама берет. Ага ылайык, бул – жеке жана юридикалык жактардын суроо-талаптарын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырылуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы. Мыйзамдын 5-беренесинде мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдү гана көрсөтө турганы белгиленген.

Өз кезегинде муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестри муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн базалык реестринен жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн ко-

шумча тизмегинен турат. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн келип чыккан ар бир административдик-аймактык бирдиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлөт. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмеги ЖӨБдүн аткаруучу органдары тарабынан түзүлөт жана жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет. Акы төлөнүүчү негизде көрсөтүлүүчү муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмегине киргизүүгө ведомстволор аралык комиссиянын оң корутундусунан кийин гана жол берилет.

Ошону менен жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык кызмат көрсөтүү тутумун оптималдаштыруу, алардын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу максатында КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы №6 токтому менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү Муниципалдык кызматтардын базалык реестри бекитилген.

Бул Муниципалдык кызматтардын базалык реестринде муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн 12 түрү каралган. Алардын ичинен 11 кызмат көрсөтүү акысыз негизде жана 1 кызмат көрсөтүү акы төлөнүүчү негизде. Аны менен катар аталган Базалык реестрдин 11-пунктуна ылайык, көрүстөндөрдөн сөөк коюу үчүн жер участогун берүү боюнча муниципалдык кызмат көрсөтүүнү ЖӨБдүн аткаруучу органдары акысыз негизде ишке ашырыш керек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы жогоруда айтылган нормалардын негизинде айылдык аймактын аталган муниципалитеттин жергиликтүү жамаатынын айрым мүчөлөрүнө жана жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп эсептелбеген жарандарга көрүстөндөн сөөк коюу үчүн жер участогун берүүгө акы төлөөнүн негизинде кызмат көрсөтүү тууралуу чечими мыйзамсыз болгонун жана жокко чыгарылууга тийиш экенин белгилейбиз.




*Плакаттын автору – “БАКУБАТ ЖАШОО: УШУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! 2014” плакаттар сынагынын катышуучусу Салим ДЖУМАЛИЕВ*

Атүгүл айрым ЖӨБ органдары Мыйзамдын 17-беренеси анын ченемдерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн тартиптик, административдик, материалдык жана жазыктык жоопкерчилик тартышарын эскертет. Аны менен катар мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер тарабынан мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн тиешелүү реестрине киргизилбеген акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган киреше Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине толук көлөмдө алынат.

# Жумуштан бошонгон айыл өкмөт кызматкеринин өргүүсү тууралуу

## СУРОО

***Айыл өкмөтүнүн кызматкери кезектеги жылдык өргүүсүн алгандан кийин болгону беш ай иштесе, иштен бошонор алдында өргүүгө чыга алабы?***

## ЖООП

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 132-беренесине жана 135-беренесине ылайык, кызматкер жумуштан бошонгондо ал пайдаланбаган бардык өргүүсү үчүн акчалай компенсация төлөнүп берилет. Биз карап жаткан мисалда, айыл өкмөтүнүн кызматкерине эмгек өргүүсүнүн узактыгы үчүн акчалай компенсация иштеген убактысына пропорциялуу – 5 ай үчүн төлөнөт. Пайдаланылбаган өргүү кызматкердин жазуу жүзүндөгү арызы боюнча андан кийин жумуштан бошогондо берилиши мүмкүн (күнөө кетирип жумуштан бошоткон учурду кошпогондо). Мында жумуштан бошонгон күн деп өргүүнүн акыркы күнү эсептелет. Эмгек өргүүсүнүн узактыгын иш жылындагы иштеген убакытка пропорциялуу эсептөө бир айга туура келүүчү өргүүнүн өлчөмүн иш жылындагы иштелген айлардын санына көбөйтүү жолу менен жүргүзүлөт.

Иштеген убакытка пропорциялуу үлүштө өргүү

күндөрүнүн жалпы узактыгы 0,5ке барабар болот жана андан ашыгы 1 күнгө чейин тегеректелет, ал эми 0,5тен азы эсептен чыгарылат.

Иш жылындагы иштелген толук айлардын эсеби төмөнкүдөй чыгарылат:

1) иш жылына киргизилген күндөр эсептелинет;

2) алынган сумма бир жылдагы жумуш күндөрүнүн айлык орточо санына бөлүнөт;

3) 13 жана андан ашык жумуш күнүнө барабар калдык күндөр толук айга чейин тегеректелет, ал эми 13 жумуш күнүнөн аз калдык күндөр эсептен чыгарылат.

# Дыйкандардын камсыздандыруу төгүмдөрү жана карыздары тууралуу

## СУРОО

*Депутаттар дыйкан жана фермердик чарбалар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча төлөмдөр бир нече эсеге көтөрүлгөнүнө нааразы болушту. Көптөгөн элеттиктер бул тууралуу билишпейт, себеби жылдын соңунда гана төлөшөт. Мурда Социалдык фондго төлөмдүн суммасы 1 гектарга жер салыгынын суммасына тең болчу. Ал эми азыр болсо коюмду (ставканы) дыйкан чарбалыгынын жер аянтына жараша чарбалыктын ар бир мүчөсүнө орточо айлык эмгек акысынан эсептеп калышты. Мында дыйкандар жылына бир жолу киреше алышат жана ай сайын төлөй алышпайт. Ошондой эле бул киреше райондогу жылдык орточо айлык эмгек акысынан бир кыйла аз.* ***Юридикалык жак түзбөстөн башчылар жана дыйкан (фермердик) чарбалыктардын мүчөлөрү үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жогорулатылганы канчалык жүйөлүү?***

## ЖООП

Пенсиялык система тирүү организм катары жалпысынан коомдун заманбап өнүгүүсүн мүнөздөгөн көптөгөн факторлорго көз каранды. Буга байланыштуу пенсиялык система мамлекеттин өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында түзүлгөн демографиялык да, социалдык-экономикалык да кырдаалдардагы өзгөрүүлөргө тиешелүү деңгээлде реакция жасоого мажбур.

Кыргызстандын мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун учурдагы системасында бир топ көйгөйлөр бар. Алардын бири – бул экономиканын уюшулбаган секторун, тагыраак айтканда элеттик товар өндүрүүчүлөрүн жана жеке эмгек ишмердиги менен алектенген адамдарды социалдык камсыздандыруу менен адекваттуу тартуу. Өлкө экономикасында элеттик өндүрүшчүлөрдүн жана өзүн өзү жумуштандырган жарандардын үлүшү бир кыйла жогору (40% ашык). Мында алар системага төгүмдү камсыздандыруу төгүмүнүн түшкөн бардык суммасынан болжол менен 3% жүзөгө ашырышат. 2005-жылдан берки мезгил аралыгында номиналдык айлык акынын көлөмү 3 эседен ашты, пенсионердин жашоо-тиричилик минимуму 2 эсеге, орточо пенсиянын көлөмү 4 эсеге, ал эми базарларда салык патентинин орточо наркы дээрлик 4 эсеге өстү. Бүгүн төлөп жаткан төмөн төгүмдөрдү алар келечекте пенсия түрүндө алышат.

Аны менен катар элеттик товар өндүрүүчүлөрдүн категориясы пенсиялык системага жалпы түшүп турган камсыздандыруу төгүмдөрүнөн 1% жакын көлөмдө салым кошуу менен, системадан бардык пенсиялык төлөп берүүлөрдөн 36% тегерегинде каражат алууда.

Бул биринчи кезекте буга чейин алар үчүн белгиленген камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтеринин төмөн ставкасы менен шартталды. Айталы, юридикалык жакты түзбөстөн дыйкан (фермердик) чарбалыктар үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифи 1998-жылы ошол жылдагы жер салыгынын базалык ставкасынын өлчөмүндө белгиленген. Пенсиялык системадагы теңсиздик да пайда болду: орто мектептин мугалими камсыздандыруу стажынын бир жылына ээ болуу үчүн жылына орточо 25 000 сом төлөсө, элеттик товар өндүрүүчү ошол эле мезгил үчүн орточо болгону 350 сом төлөйт. Ал эми жерлер чарбалыктын ар бир мүчөсү үчүн аз өлчөмдө бөлүштүрүлгөн түштүк облустарда жылына 30 сом гана төлөшөт.

Бул маселени жөнгө салуу максатында КР Өкмөтү “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” КР Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” КР мыйзам долбоорун демилгелеген (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 8-июлундагы №379 токтому).

Мыйзам долбоору элеттик товар өндүрүүчүлөрүн жана ишкердик менен алектенген жеке жактарды мамлекеттик социалдык камсыздандыруу бөлүгүндө пенсиялык системаны реформалоо боюнча сунуштарды иштеп чыгуу боюнча ведомстволор аралык комиссиянын чечимине ылайык иштелип чыккан.

Мыйзам долбоору кабыл алынганга чейин парламенттик угууларда талкууланган (2014-жылдын 10-октябры). Угууга жергиликтүү кеңештердин депутаттары, дыйкан (фермердик) чарбалыктардын өкүлдөрү жана республиканын түрдүү аймактарында жеке ишкердик ишмердиги менен алектенген адамдар катышты. Угуулардын жыйынтыгында аталган мыйзам долбоорун жактыруу тууралуу Сунуштар кабыл алынды.

***Натыйжада 2015-жылдын 11-февралында мыйзамды Жогорку Кеңеш кабыл алып, 2015-жылдын 19-мартында ага Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев кол койгон.***

Жалпысынан мыйзам элеттик товар өндүрүүчүлөрүнүн жана жеке ишкердик ишмердиги менен алектенген жеке жактардын пенсиялык камсыздоо деңгээлин жогорулатууга багытталган.

Айталы, жогоруда аталган ведомстволор аралык комиссиянын чечиминин негизинде, ошондой эле элеттик товар өндүрүүчүлөрүнүн жана жеке ишкердик ишмердиги менен алектенген жеке жактардын жеке камсыздандыруу эсептеринде каражаттын, алардын пенсиялык камсыздалуу деңгээлинин көбөйүүсүн камсыздоо максатында мыйзам нормаларды белгилеген. Аларга ылайык, жогоруда айтылган категориялар камсыздандыруу төгүмдөрүн белгиленген көлөмдө эмес, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" КР Мыйзамынын 14-1-беренесине ылайык орточо айлык маянага жараша төлөшөт.

Муну менен кабыл алынган мыйзамда төмөнкүлөр белгиленген:

- 2015-жылдын 1-январынан тарта 2 га чейин жер үлүшүнө ээ болгон дыйкан (фермердик) чарбаларынын башчылары жана мүчөлөрү үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери 2024-жылга карата 10 жыл ичинде этап-этабы боюнча тарифтин ставкасын 4 пайыздык деңгээлге жеткирүү менен, өткөн жыл (республика боюнча орточо айына 70 сомду, же жылына 834 сомду түзөт) үчүн аймактарда калыптанган орточо айлык эмгек акынын өлчөмүнөн (республика боюнча орточо айына 1288 сом, же жылына 15 450 сом) ай сайын эсептелген 0,5 пайыз өлчөмүндө белгилөө; 25 жылдын ичинде сунушталган ставкалар боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн этап-этабы менен төлөгөн шартта 2015-жылдан тарта пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү (КП 2) 1029 сомду түзөт. Бул болсо тарифтердин колдонуудагы ставкаларына салыштырмалуу 23 эсеге көп (КП – 45 сом);
- 2015-жылдын 1-январынан тарта 2 га дан 10 га чейин жер үлүшүнө ээ болгондор үчүн 2019-жылга карата 5 жыл ичинде этап-этабы боюнча тарифтин ставкасын 4 пайыздык деңгээлге жеткирүү менен, өткөн жыл (республика боюнча орточо айына 139 сомду, же жылына 1668 сомду түзөт) үчүн аймактарда калыптанган орточо айлык эмгек акынын (республика боюнча орточо айына 837 сом, же жылына 10042 сом) өлчөмүнөн ай сайын эсептелген 1 пайыз өлчөмүндө белгилөө. 25 жылдын ичинде сунушталган ставкалар боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн этап-этабы менен төлөгөн шартта 2015-жылдан тарта пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү (КП 2) 1153 сомду түзөт. Бул болсо тарифтердин колдонуудагы ставкаларына салыштырмалуу 26 эсеге көп (КП – 45 сом);
- 2015-жылдын 1-январынан тарта 10 га жана андан көп жер үлүшүнө ээ болгондор үчүн 2017-жылга карата 3 жыл ичинде этап-этабы боюнча тарифтин ставкасын 4 пайыздык деңгээлге жеткирүү менен, өткөн жыл (республика боюнча орточо айына 278 сомду, же жылына 3336 сомду түзөт) үчүн республиканын аймактарында калыптанган орточо айлык эмгек акынын (республика боюнча орточо айына 690 сом, же жылына 8276 сом) өлчөмүнөн ай сайын эсептелген 2 пайыз өлчөмүндө белгилөө. 25 жылдын ичинде сунушталган ставкалар боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн этап-этабы менен төлөгөн шартта 2015-жылдан тарта пенсиянын камсыздандыруу бөлүгү (КП 2) 1196 сомду түзөт. Бул болсо тарифтердин колдонуудагы ставкаларына салыштырмалуу 26,5 эсеге көп (КП – 45 сом);

Белгилей кетчү жагдай, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" КР Мыйзамынын 14-1-беренесине ылайык, камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн айрым категориялары үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөгө кабыл алынган орточо айлык акынын көлөмүн КР Улуттук статистика комитети белгилейт.

Өткөн календардык жыл үчүн республиканын райондорунда жана шаарларында калыптанган орточо айлык эмгек акынын өлчөмү тууралуу КР Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, тарифтик ставкаларын эсептөө жыл сайын ошол жылдын 1-июлунан тарта жүзөгө ашырылат.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (КР Соцфонду) камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтик ставкаларын эсептөө үчүн КР Улуттук статистика комитетинин расмий статистикалык маалыматынын негизинде өткөн календардык жыл үчүн республиканын райондорунда жана шаарларында калыптанган орточо айлык эмгек акынын өлчөмү тууралуу маалыматтарды ММКда жыл сайын ошол жылдын 1-июлуна чейин жарыялап турат.

## СУРОО

*Социалдык фонддун айрым райондук бөлүмдөрүнүн кызматкерлери пенсияга чыгуу үчүн документтерди тапшырып жаткан элеттиктерден үй-бүлөсүнүн бардык мүчөлөрүнүн 1996-жылдан баштап айыл чарба жерлери боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн (АЖБФ, жер үлүштөрү) карызын тындырууну талап кылышууда. Бул болсо чоң сумманы түзүүдө – 60 000 сомго чейин. Карызды төлөбөсө, пенсияга чыгуу үчүн документтер кабыл алынбай жатат.* ***Мындай талап мыйзамдуубу?***

## ЖООП

1997-жылдын 21-июлундагы № 57 "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" КР Мыйзамы Кыргыз Республикасында жарандар-

***КР Улуттук статистика комитети жарыялаган расмий маалыматтарга ылайык, төмөндө 2015-жылдын 1-июлунан тарта 2016-жылдын 1-июлуна чейинки мезгилге камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөө үчүн Кыргыз Республикасы боюнча 2014-жыл үчүн орточо айлык эмгек акы көрсөтүлгөн (сом менен)***

| | 2014-жыл |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 12285 |
| Кыргыз Республикасы (*) | 11738 |
| Баткен облусу | 8903 |
| Баткен району | 7594 |
| а.и. Баткен шаары | 11867 |
| Кадамжай району | 7485 |
| Лейлек району | 8531 |
| Сүлүктү шаары | 8017 |
| Кызыл-Кыя шаары | 10472 |
| Жалал-Абад облусу | 10877 |
| Аксы району | 7699 |
| Ала-Бука району | 12647 |
| Базар-Коргон району | 7387 |
| Ноокен району | 11973 |
| Сузак району | 7491 |
| Тогуз-Торо району | 13427 |
| Токтогул району | 9217 |
| Чаткал району | 13908 |
| Жалал-Абад шаары | 11347 |
| Кара-Көл шаары | 18751 |
| Майлуу-Суу шаары | 12152 |
| Таш-Көмүр шаары | 11883 |
| Ысык-Көл облусу | 17192 |
| Ысык-Көл облусу (*) | 9224 |
| Ак-Суу району | 8419 |
| а.и. Каракол шаары | 10446 |
| Жети-Өгүз району | 8009 |
| Ысык-Көл району | 8489 |
| Тоң району | 8682 |
| Түп району | 8089 |
| Балыкчы шаары | 11058 |
| Нарын облусу | 11013 |
| Ак-Талаа району | 9083 |
| Ат-Башы району | 9838 |
| Жумгал району | 8860 |
| Кочкор району | 9669 |
| Нарын району | 9211 |
| Нарын шаары | 14701 |
| Ош облусу | 8141 |
| Алай району | 9932 |
| Араван району | 7351 |
| Кара-Кулжа району | 8494 |
| Кара-Суу району | 7556 |
| Ноокат району | 7929 |
| Өзгөн району | 8029 |
| Чоң-Алай району | 10937 |
| Талас облусу | 9192 |
| Кара-Буура району | 7479 |
| Бакай-Ата району | 7708 |
| Манас району | 7743 |
| Талас району | 9637 |
| Талас шаары | 11307 |
| Чүй облусу | 10303 |
| Аламүдүн району | 12497 |
| Жайыл району | 10930 |
| Кемин району | 9957 |
| Москва району | 8562 |
| Панфилов району | 10738 |
| Сокулук району | 8920 |
| Ысык-Ата району | 9640 |
| Чүй району | 7924 |
| Токмок шаары | 11144 |
| Бишкек шаары | 14865 |
| Ош шаары | 10578 |

ды мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу маселелерин жөнгө салуучу негизги ченемдик укуктук акт болуп эсептелет.

Ушул Мыйзамдын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын камсыздандырылган жарандары (КР Социалдык фондунун органдарында каттоодон өткөн жана социалдык коргоо күбөлүгү бар жеке жактар), ошондой эле республикада жашаган, "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө" КР Мыйзамында каралган негиздерде жана шарттарда мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандырууга салым кошкон чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар пенсия алууга укуктуу.

Ушул Мыйзам боюнча пенсиялардын төмөндөгүдөй түрлөрү:

а) курагы боюнча;

б) майыптыгы боюнча;

в) баккан адамынан айрылгандыгы боюнча пенсиялар белгиленет.

Пенсияны дайындоо тартиби жана мөөнөтү ушул Мыйзамдын 25-1-беренеси менен регламенттештирилет. Ага ылайык, пенсия камсыздандырылган адам пенсия алуу үчүн кайрылган күндөн тартып дайындалат, бирок ал камсыздандырылган адамдын пенсияга чыгуу укугу пайда болгон күндөн мурда болушу мүмкүн эмес.

Камсыздандырылган адам пенсия алам деп кайрылган күн Социалдык фонддун аймактык бөлүмдөрү (райондук, шаардык) пенсия дайындоого арызды керек болуучу бардык документтер менен кабыл алган күн эсептелет. Эгерде атлган арыз почта аркылуу жөнөтүлсө жана керек болуучу бардык документтер тиркелсе, пенсия алуу үчүн кайрылган күн деп ал арыз жөнөтүлгөн жердин почталык штемпелинде көрсөтүлгөн күн эсептелинет.

Эгерде берилген документтерде пенсия дайындоого керек болгон маалыматтар жок болсо, Социалдык фонддун аймактык бөлүмү кайрылган камсыздандырылган адамга анын кандай документтерди кошумча бериши керектигин түшүндүрөт. Эгерде мындай документтер тиешелүү түшүнүк алынган күндөн тартып үч айдан кечиктирилбестен берилсе, пенсия алуу үчүн кайрылган күн деп пенсия дайындоо жөнүндө арыз кабыл алынган күн же ушул арыз жөнөтүлгөн жердин почталык штемпелинде көрсөтүлгөн күн эсептелинет.

Ошондой эле ушул мыйзамдын нормалары Социалдык фонддун аймактык органдарын камсыздандырылган адамга пенсия дайындоого керек болгон документтерди алууда жана жолжоболоштурууда консультация берүүгө жана жардам көрсөтүүгө милдеттендирет.

Пенсия дайындоо жөнүндөгү арыз ал кабыл алынган күндөн тартып 15 күндөн кечиктирилбестен же кошумча документтер берилген күндөн тартып каралат. Аталган арызды канааттандыруудан баш тарткан учурда Социалдык фонддун аймактык бөлүмү тиешелүү чечим чыгарылган күндөн тартып

беш күндөн кечиктирбестен бул тууралуу арыздануучуга кабарлайт, анда баш тартуунун себептери жана ал боюнча даттануунун тартиби көрсөтүлөт жана ошол эле мезгилде кайрылган адамга документтерди кайтарып берет.

Толук маалымат алуу үчүн КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №10 токтому менен бекитилген “Пенсия дайындоо жана кайра эсептөө үчүн кайрылуунун, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүүнүн тартиби жөнүндө” Жобо менен таанышып чыгуу зарыл.

Пенсия дайындоо жөнүндө арызга КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №10 токтому менен бекитилген “Пенсия дайындоо жана кайра эсептөө, пенсиянын бир түрүнөн экинчи түрүнө өтүү үчүн зарыл болгон документтердин тизмесинде” көрсөтүлгөн барды зарыл болгон документтер тиркелиш керек.

Айталы, аталган Тизменин 2.1.-пунктуна ылайык, курагы боюнча пенсия дайындоо жөнүндө арыз менен кошо төмөндөгү документтер берилүүгө тийиш:

а) камсыздандырылган адамдын ким экендигин, анын курагын жана жашаган жерин ырастоочу;

б) 1996-жылга чейин иштеген мезгили үчүн эмгек стажы жөнүндө жана камсыздандыруу стажына теңештирилген (окуу, армияда кызмат өтөө, балдарды багуу) иш мезгилдери жөнүндө;

в) 1992-жылдын 1-январынан 1995-жылдын 31-декабрына чейин жеке менчик ишканаларда иштеген же жеке өз алдынча иш жүргүзгөн адамдар үчүн – Социалдык фонддун органдары тарабынан ушул мезгил үчүн ичинде камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөнгөндүгү жөнүндө берилген маалымкаттар;

г) 1996-жылдын 1-январына чейин камсыздандырылган адамдын каалоосу боюнча каалаган 60 айдагы үзгүлтүксүз иш үчүн эмгек акы (киреше) жөнүндө жумуш берүүчүлөр, же болбосо мамлекеттик органдар тарабынан баштапкы бухгалтердик документтердин негизинде берилген маалымкаттар.

Жумуш берүүчүнүн иши токтотулган учурда, аталган маалым каттар алардын укук улантуучулары, жогору турган орган же зарыл маалыматтарга ээ болгон мамлекеттик архив мекемелери тарабынан берилет;

д) 1996-жылдын 1-январынан тартып иштегендиги жана эмгек акысы жөнүндө бухгалтердик баштапкы документтердин негизинде жумуш берүүчү тарабынан берилген маалымат;

ж) никени каттоо же ажырашуу жөнүндө күбөлүк, ал башка фамилияга берилген документтер болгон учурда берилет;

з) “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине ылайык пенсияга үстөк алуу укугун ырастаган документтер:

- Улуу Ата мекендик согуштун катышуучусунун же Улуу Ата мекендик согуштун майыбынын же аларга теңештирилген адамдардын күбөлүгү;
- “Чернобыль АЭСиндеги кыйроонун кесепеттерин жоюунун катышуучусу” күбөлүгү;
- “Кыргыз Республикасынын ардактуу донору”, “Кыргыз ССРинин ардактуу донору”, “СССРдин ардактуу донору” күбөлүгү;
- сот же башка мамлекеттик органдар (прокуратура же улуттук коопсуздук органдары) тарабынан берилген реабилитациялоо жөнүндө маалым кат;
- II топтогу жалгыз бой майыптын башка бирөөнүн багуусуна муктаж экендиги жөнүндө дарылоо мекемесинин маалым каты; мында жалгыз жашагандыгынын фактысы жашаган жеринен берилген маалым кат жана текшерүү актысы менен ырасталат;
- СССРдин “Мать-героиня” жана Кыргыз Республикасынын “Баатыр эне” ордендери менен энелердин сыйлангандыгын тастыктай турган документтер;

и) пенсиялык күбөлүк алуу үчүн 3×4 см өлчөмүндөгү эки сүрөт.

Жеңилдик берилген шартта курагы боюнча пенсия дайындоо үчүн жогорудагы документтерге (Тизменин 2.1-пункту) кошумча иретинде төмөндөгү документтер берилүүгө тийиш:

а) № 1 жана № 2 тизмелер боюнча – эмгектин жеңилдик берүүчү мүнөзүн ырастоочу маалым каттар;

б) бийик тоолуу шарттарда жашаган адамдарга пенсия дайындоо үчүн эмгектенген ишканасы, уюму жайгашкан жер жөнүндө жергиликтүү мамлекеттик администрациянын же айыл өкмөтүнүн маалым катты, ал эми аялдарга кошумча – үч баласынын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жана аларды сегиз жашка чейин тарбиялагандыгын ырастаган документтер (балдардын паспорттору, жашаган жеринен айыл өкмөтү, үй башкармалары тарабынан берилген маалым каттар);

в) көп балалуу энеге жеңилдик берүүчү пенсия дайындоо үчүн – беш баласынын туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү жана аларды сегиз жашка чейин тарбиялагандыгын ырастаган документтер (балдардын паспорттору, жашаган жеринен айыл өкмөтү, үй башкармалары тарабынан берилген маалымкаттар);

г) бала чагынан майып баланын энесине жеңилдик берүүчү пенсия дайындоо үчүн – КР Саламаттык сактоо министрлигинин дарылоо-алдын алуу мекемелеринин врачтык-консультациялык комиссиясынын маалым каты же Медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын (МСЭК) майыптуулугун аныктагандыгы жөнүндө маалым каты, ошондой эле аны сегиз жашка чейин тарбиялагандыгын ырастаган документтер (балдардын паспорттору, жашаган жеринен айыл өкмөтү, үй башкармалары тарабынан берилген маалым каттар);

д) ишканалардын кайра уюштурулушуна, жоюу-

лушуна, штаттык сандын кыскарышына байланыштуу алардан бошотулган адамдар үчүн – Социалдык фондго кызматкер пенсияга чыгуунун жалпы белгиленген курагына жеткенге чейин мөөнөтүнөн мурда пенсия төлөө үчүн акчалай каражаттардын которулгандыгы жөнүндө төлөм тапшырмасынын көчүрмөсү;

е) гипофизардык нанизм дартына чалдыккан адамдар (эргежелдер) жана диспропорциялык кодолор үчүн – КР Саламаттык сактоо министрлигинин дарылоо-алдын алуу мекемелеринин врачтык-консультациялык комиссиясынын маалым каты;

ж) учкучтарга жана сыноочу учкучтардын курамына пенсия дайындоо үчүн – аба транспортун пайдалануучунун учуу сааттары жөнүндө жана пенсия төлөөгө кетүүчү чыгашаларды жабууга каражаттардын чегерилгендигин ырастаган документтер берилет.

Майыптыгы боюнча пенсия алуу, ошондой эле Улуу Ата мекендик согуштун майыптарына жана аларга теңештирилген адамдарга үстөктөрдү чегерүү үчүн Социалдык фонддун аймактык бөлүмүнө Тизменин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча КР Эмгек жана социалдык жактан коргоо министрлигине караштуу Медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын майыптыгын белгилөө жөнүндө корутундусу берилет.

Майып адам аракетке жөндөмсүз деп табылган учурда, камкорчунун арызына камкордук кылуу органынын камкорчуну дайындоо жөнүндө чечими тиркелет.

Баккан адамынан айрылгандыгы боюнча пенсия алуу үчүн Социалдык фонддун аймактык бөлүмүнө Тизменин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн баккан адамдын документтерине кошумча катары:

- жарандык абал актыларын жазуу органынын баккан адамынын өлгөндүгү жөнүндө (же анын дайынсыз жок болгондугун ырастаган документ) күбөлүктүн нотариатта күбөлөндүрмө көчүрмөсү;
- эмгекке жараксыз багууда болгондордун туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү;
- бала чагынан майыпка пенсия дайындалган учурда – майыптыгынын тобун белгилөө жөнүндө МСЭКтин маалым каты;
- үй-бүлөнүн эмгекке жараксыз мүчөсүнүн каза болгон баккан адамдын багуусунда болгондугун ырастаган документтер;
- камкорчунун арызына аны камкорчу кылып дайындоо жөнүндө камкорчулук органынын чечиминин көчүрмөсү тиркелет;
- өгөй баланын өлгөн адамдын тарбиясында жана багуусунда болгондугунун фактысын ырастаган документтер;
- багууда болгон балдар кесиптик, орто жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары же жогорку окуу жайларынын студенттери экендигин ырастаган документтер берилет.

Камсыздандыруу стажы (эмгек китепчесинен башка) жана эмгек акы жөнүндө Тизмеде каралган, компетенттүү органдар жана кызмат адамдары тарабынан берилген документтер түп нускасында, калган документтер көчүрмөсү боюнча кабыл алынат.

Тизмеге ылайык документтердин бардык берилген көчүрмөлөрү милдеттүү тартипте алардын түп нускалары менен салыштырылат жана пенсия дайындоочу органдар тарабынан күбөлөндүрүлөт.

Жогоруда аталган Мыйзамдын жоболорунда жана Тизмеде көрсөтүлгөндөй, Социалдык фонддун аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери жарандарга пенсия дайындоо үчүн айыл чарба багытындагы жерлер (АЖМА жана жер үлүштөрү) боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү үчүн карызды тындырганын тастыктаган маалым каттарды жана башка документтерди талап кылууга укугу жок. Себеби мындай документтер жарандарга пенсия дайындоо үчүн берчү документтердин Тизмесинде көрсөтүлгөн эмес.

Ошентип, пенсия дайындоо жөнүндө арызга документтер Тизмесине (КР Өкмөтүнүн 2005-жылдын 12-январындагы №10 токтому менен бекитилген) ылайык гана документтер тиркелиш керектигин белгилей кетүү керек. Жарандар жогорудагы мыйзамдардын талаптарын аткарган шартта Социалдык фонддун аймактык бөлүмдөрүнүн кызматкерлери пенсия дайындоо үчүн арыздарды жана документтерди кабыл алуудан баш тартууга укугу жок.

***2015-жылдын 7-августунда Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек АТАМБАЕВ “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык санкциялар жана туумдар боюнча карыздарын эсептен чыгаруу жөнүндө” КР Мыйзамына кол койгонун маалымат үчүн белгилей кетүү зарыл.***

Кабыл алынган Мыйзам жогоруда белгиленген маселе боюнча көйгөйлөрдүн бир бөлүгүн, б.а., АЖМФ жерлери боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөчүлөрдүн (ЖӨБ органдарынын) финансылык-экономикалык абалын жакшыртууга, турукташтырууга жана колдоого багытталган.

Жалпысынан бул мыйзамдын 2-беренесине ылайык, Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүдөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыздандыруу төгүмдөрү, айыптык сакнциялар жана туумдар боюнча 2015-жылдын 1-январына чейин топтолгон карызы толук өлчөмдө эсептен чыгарылат.

2015-жылдын 1-январына карата ЖӨБ органдарынын АЖМФ жерлерин ижарага берген үчүн карызы 74,0 млн. сомду түзөт. Анын ичинде негизги карыз – 63,1 млн. сом жана финансы санкциялары 10,9 млн. сом.

# Жарандардын ЖӨБгө ишеними – ЖӨБдүн өз колунда

**Сабина ГРАДВАЛЬ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун
жетекчисинин орун басары

2015-жылдын жай мезгилинде Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ) аткарган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоору Чүй облусунун максаттуу муниципалитеттери менен кызматташа баштады. Жамаат менен иш алып барууда маалымат берүүчү жолугушуулар алгачкы кадам болуп калды. Ошол жолугушууларда муниципалитеттер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ачык-айкындуулугун жана калк алдындагы отчеттуулугун жогорулатуу боюнча алдыда болчу иштер, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жергиликтүү жамааттын өзүнүн катышуу деңгээлин жогорулатуу боюнча иш-чаралар тууралуу маалымат алышты.

Алгачкы жолугушуулардын алкагында бардык 12 муниципалитетте тең сурамжылоо жүргүзүлдү. Баары болуп сурамжылоого 550 киши катышты. Жамааттардын өкүлдөрүнө жана ЖӨБ органдарына – айыл өкмөтүнүн жана мэриянын кызматкерлерине да, жергиликтүү кеңештердин депутаттарына да анкетадагы суроолорго жооп берип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен калктын өз ара аракети тууралуу айтып берүү, ошондой эле жергиликтүү деңгээлде берилген бир катар кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын баалоо сунушталды.


Калктын ой-пикирин дагы да деталдуу изилдөө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары чечим кабыл алууда ага жарандардын катышуу Моделин жайылтуу үчүн ар бир муниципалитетте иштердин комплекси өткөрүлдү. Аларга ЖМБА-иш-чаралары – фокус-топтор, жумушчу жолугушуулар камтылды. Ошол жолугушуулар маалында ЖӨБ органдарынын окуудан өткөн адистери калктын керектөөлөрүн терең изилдеп, өзгөчө курч маселелерди ийне-жибине чейин аныктап алышты. Бул иш-чараларга 4000 киши катышты. Бул изилдөөлөрдө белгилүү болгон маалыматтар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жакын арадагы ишинин өзөгүн түзмөкчү. Жергиликтүү жамааттын активисттери АӨ аппараты (мэрия) жана депутаттар менен өнөктөштүктө Биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышат. План коомчулукка жыйындарда тааныштырылат жана талкууланат.

Сурамжылоонун жыйынтыктарын ӨСИнин кызматкерлери карап, талдап чыгышты. Жыйынтыктар бардык муниципалитеттерге мындан ары да бул багытта иштөө жана ЖӨБ органдарынын калк менен өз ара аракетинин сапатын жогорулатууда алгачкы кадам катары маалымат бюллетени түрүндө калк арасында таратылат.


### Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкарууга оптимизм менен карашат

Сурамжылоонун жыйынтыктары бардык муниципалитеттер боюнча жагымдуу жагдайды көрсөтүүдө. Калк ЖӨБ органдары менен өз ара аракетти бир кыйла жогору баалап, маалымат алмашуу, коомдук мааниге ээ болгон иштерде өз пикирин билдирүү, ЖӨБ органдарынын ишинин сапатына таасир этүү

***1-диаграмма. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу дегенде кандай эмоциялар пайда болот?” деген суроого жооптор***



***2-диаграмма. ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүндө жана жамаатта ЖӨБго карата эмоциялардагы айырмачылыктар, пайыздар менен***




***1-таблица. ЖӨБ органдарынын ишине канааттануунун деңгээли – өзүн өзү баалоо, аткаруучу органдын кызматкерлеринин жана жергиликтүү кеңештин депутаттарынын баасы, пайыздар менен***

| | Депутаттар (өзүнө өзү берген баа) | Депутаттар (АӨнүн баасы) | АӨнүн кызматкерлери (өзүнө өзү берген баа) | АӨнүн кызматкерлери (АК депутаттарынын баасы) |
|---|---|---|---|---|
| Толук канааттандырат | 29,6 | 27,3 | 70,1 | 44,0 |
| Жарым-жартылай | 66,7 | 68,2 | 26,4 | 40,0 |
| Канааттандырбайт | 3,7 | 4,5 | 3,4 | 8,0 |
| Билбейм | 0 | 0 | 0 | 8,0 |
| **Баары** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |

мүмкүнчүлүгү бар экенин тастыктады. Калк ЖӨБ органдарынын кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу боюнча аракеттерин да бир топ жогору баалаган. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу дегенде сурамжылоого катышкандарда оң эмоциялар пайда болгону өтө маанилүү. Бул бийликке болгон ишенимди күчөтүү, бийлик менен калктын конструктивдүү диалогу, кабыл алынып жаткан чечимдер үчүн жоопкерчиликти тең бөлүшүү үчүн өтө маанилүү.

Айталы, "жергиликтүү өз алдынча башкаруу дегенде кандай эмоциялар пайда болот?" деген суроого "оптимизм" деген жооп көп, "кыжырдануу" деген сейрек тандалган.

Оптимисттик маанайдагы респонденттердин эң жогорку деңгээли Ысык-Ата районунун Юрьевка айылдык аймагында катталган – 74%. Ушул айылдык аймакта оптимисттер катардагы адамдардын арасында көп болгон – 69,4%.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү менен жарандардын ортосундагы анчалык чоң эмес айырманы да белгилесе болот: терс эмоциялар көп учурда катардагы адамдарда эмес, ЖӨБдүн өкүлдөрүндө болгон. Ошону менен бирге ЖӨБдүн өкүлдөрүндө терс эмоциялардын арасынан аёо сезими да билинген – 30%. 12 муниципалитеттин ичинен экөөндө дал ушул ЖӨБ органдары алар жасаган иш терс эмоцияларды –


***3-диаграмма. ЖӨБдүн аткаруучу органынын ишине канааттануу деңгээли, кишилердин саны менен***




***4-диаграмма. Жергиликтүү кеңештин ишине канааттануу деңгээли, кишилердин саны менен***




***5-диаграмма. ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын жамаат менен өз ара аракетине канааттануу деңгээли***




***2-таблица. ЖӨБ органдарынын калк менен болгон кызматташтыгынын деңгээли, мүмкүн болгон он баллдан каралат***

| | Жергиликтүү жамаат | АӨ (мэрия) жана жергиликтүү кеңеш | Бардык респонденттер боюнча орто мааниси |
|---|---|---|---|
| Акыркы эки жылда ЖӨБ органдары (депутаттар, айыл өкмөтү, мэрия, шаардык кеңеш) менен жашоочулар ортосундагы кызматташтыкты кандай баалайт элеңиз? | 5,5 | 6,5 | 5,8 |
| Чогулуштарда, жыйындарда айткан сунуштарыңызды депутаттар, айыл өкмөтү, мэрия, шаардык кеңеш жактырат деп канчалык ишенесиз? | 5,6 | 6,7 | 5,9 |


аёо жана көңүл кайтуу сезимдерин пайда кыларын белгилешкен. Бирок ошол эле аймактарда катардагы жарандар ЖӨБдүн өкүлдөрүнө салыштырмалуу позитивдүү маанайда болгону билинген – аларда ЖӨБ дегенде позитивдүү эмоциялар салыштырмалуу көбүрөөк болгон – 35 пайыздан 70%га чейин.

Сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, Чүй облусунун муниципалитеттеринде оптимизмдин жогорку деңгээлин ЖӨБ органдарынын жакшы иши, ЖӨБ органдарынын калк менен жакшы өз ара аракети, өз иши тууралуу калкты өз убагында кабардар кылып турган ЖӨБ органдарынын ачыктыгы, кызмат көсөтүүлөрдүн дурус сапаты менен түшүндүрсө болот.

***6-диаграмма. Жергиликтүү кеңештин жамаат менен өз ара аракетине канааттануу деңгээли***




***7-диаграмма. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тууралуу маалыматтын көлөмүнө жана сапатына канааттануу деңгээли***




## Калк тарабынан баа берүүгө караганда, ЖӨБ органдарынын өз ишине канааттануусунун деңгээли жогору

Айыл өкмөтүнүн (мэриянын) ишине канааттанууну бардык респонденттер жогору баалашкан. Ал эми 45% толук канааттанарын айтышкан. Жөнөкөй жарандарга караганда ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү өздөрү жогорку баа беришкен. Бирок толук канааттангандар менен айырма 20% түзөт. Жергиликтүү кеңештин иши тууралуу суроого "толук канааттандырат" дегендер 30% болгон жана ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү тарабынан баалоонун ортосундагы айырма 10% түзөт. АӨнүн (мэриянын) да, кеңештин да иши "жарым-жартылай канааттандырат" деп баалагандар карапайым адамдар арасында көбүрөөк.

ЖӨБдогу бийликтин түрдүү бутактарынын өкүлдөрүнүн өзүнө өзү жана кесиптештери берген баанын ортосунда айырма да кызыктуу. АӨ (мэрия) кызматкерлери арасында өзүнө ишенгендер көбүрөөк – 70%. Ошол эле маалда депутаттар арасында мындайлар болгону 44% түзөт. Бирок ошонун өзүндө да бул жергиликтүү жамаат берген баадан жогору. Анткени ЖӨБдүн ишине толук канааттанган жамаат өкүлдөрүнүн үлүшү 41 пайызды түзөт.


ЖӨБ менен калктын кызматташтыгы жана ЖӨБ органдарынын калктын сунуштарын колдоосу мүмкүн болгон он баллдын ичинен дээрлик 6 баллга бааланган.

## Жарандардын баштапкы баасына караганда объективдүү жагдай начар

Жергиликтүү жамааттар жана алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз муниципалитеттерин мына ушинтип сүрөттөп беришти. Бул жагдай жергиликтүү өз алдынча башкарууга ишеним бир кыйла жогору деңгээлде болгонунан кабар берет. Мындан артык эмне бар?

***Анткен менен, тышта жүргүзүлгөн байкоолордун жыйынтыктары, аны менен катар имараттардагы, же ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын имараттарындагы маалымат керегелерин текшерүүнүн жыйынтыктары башка жагдайды көрсөттү.*** Ошондой эле жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо бо-

***8-диаграмма. Кызмат көрсөтүүгө канааттануунун деңгээли (кызмат көрсөтүүгө жарым-жартылай же толук канааттангандардын үлүшү), пайыз менен***




юнча иш-чаралар да башка жагдайды ортого салды. Мисалы, ЖӨБ органдарынын ишине, алардын калк менен өз ара аракетине канааттануу жогорку деңгээлде деп бааланган муниципалитеттердин биринде "орто мектептер" кызмат көрсөтүүсү өтө жогору бааланган. Бирок жамаат муктаждыктарын изилдөө процессинде дал ошол орто мектептердин абалын жамаат чукул арада чечилүүгө тийиш көйгөй катары аныктаган.

ЖӨБ органдарынын калк менен маалымат алмашуусунун абалына байланыштуу да ушундай жагдай түзүлгөн. Баштапкы сурамжылоо ЖӨБ органдарынын ачыктыгына, маалымат алмашууга жана катышууга канааттануу деңгээли жогору болгонун көрсөткөн – респонденттердин 34% маалымат алмашууга толук канааттанарын айткан жана 50% жигердүү катышарына ишенерин белгилешкен. Анткен менен бардык муниципалитеттерде калк менен жолугушуу маалында жамаат муктаждыктарын биргелешип аныктоонун алкагында жашоочулар жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматка ээ болбогону тууралуу маселе көтөрүлгөн. Маалымат керегелери да бюджеттик маалыматка жеткиликтүүлүк чектелүү болгонунан кабар берет. Ал жакта бюджет тууралуу маалымат жок, же илинген документтер жергиликтүү бюджеттин абалы тууралуу реалдуу маалыматты камтыбайт.

***9-диаграмма. Жарандардын ЖӨБ деңгээлинде кызмат көрсөтүүгө таасир тийгизе алуу мүмкүнчүлүктөрүн кабылдоодогу айырма, пайыз менен***




Маалымат керегелеринин мазмуну да кулунга толбойт. Айталы, мыйзамдарга ылайык коомчулукка жеткирилиш керек болгон маалыматтын түрлөрүнүн кыска тизмесинен 12 муниципалитеттин экөөндө гана шайкештик деңгээли 55% түзгөн. Ошол эки муниципалитетте тең сурамжылоодо ЖӨБ органдары өз иши тууралуу калкка маалымат бергени анчалык жогору бааланган эмес. Тескерисинче, ачык деп жогору бааланган АӨнүн керегеси болгону 15% гана толтурулган.

Ошентип, сурамжылоонун жыйынтыктары, ЖМБА-иш-чаралары, жеринде жүргүзүлгөн изилдөө, калк менен жолугушуулар маалындагы байкоолор, ЖӨБ органдары менен жумушчу жолугушуулар төм. тыянак чыгарууга жол берет: калк да, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү да маалымат менен алмашуунун жана жарандардын катышуусунун маңызын көп жакшы түшүнүшө бербейт. Жергиликтүү жамааттар (жашоочулар жана ЖӨБ органдары) маалыматты ачыкка чыгарууга болгон талапты, жарандарды жеринде чечим кабыл алуу, жергиликтүү бюджеттин каражаттарын бөлүштүрүүнү талкуулоо процессине тартууну толук биле беришпейт.



# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун изи менен

***2015-жылдын жаз мезгилинде ЭҮЖӨБОЖ Долбоору Биринчи фазаны ийгиликтүү жыйынтыктап (2011-2015), Экинчи фазанын алкагында (2015-2019) өз ишин Чүй, андан кийин Нарын жана Ош облустарында улантуу үчүн Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарынан "кетти". Өнөктөш муниципалитеттер менен коштошуу кайгылуу болду. ӨСИнин командасы – долбоордун аткаруучулары – жана өнөктөш муниципалитеттердин кызматкерлери да, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү да бири-бирине көнүп калган, биргелешип көп иштерди жасашкан. Ошондуктан байланышты үзбөстөн, муниципалдык башкаруунун маанилүү көйгөйлөрүн талкуулап, жаңы тажрыйба менен бөлүшүп келишүүдө. Анткен менен ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун командасын кызыктырган суроолор бар: долбоор менен кызматташтык аяктагандан кийин өнөктөш муниципалитеттердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз калкы менен кандай иш алып барууда? Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттеринин кийлигишүүсүз да иштеп жаткан идеялар жана механизмдер барбы? ЭҮЖӨБОЖ Долбоору өнөктөш муниципалитеттерде из калтырдыбы? Ал кандай из? Мына ушул суроолорго жооп издеп, биз мурдагы өнөктөш муниципалитеттердин өкүлдөрүнөн пикири менен бөлүшүп коюуну өтүндүк. Анда алардын айткандары уксак.***



# Долбоор калтырган из ЖӨБдүн көзү менен: “Биз жамаат менен биргелешкен канчалык чоң натыйжа алып келип жатканына күбөбүз”

**Имак БОРБОЛДОЕВ,**
Тогуз-Торо айылдык аймагынын
социалдык маселелер боюнча башкы адиси

Жалал-Абад облусунда жайгашкан Тогуз-Торо айылдык аймагы үч жыл мурда “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту менен тыгыз кызматташа баштаган.

Долбоордун жардамы менен ЖӨБ кызматкерлери жергиликтүү жамааттын катышуусунда аймактагы эң олуттуу көйгөйлөрдү аныкташкан, жергиликтүү бюджеттин ачык-айкындыгы маселеси боюнча түрдүү коомдук иш-чараларды өткөргөн, аныкталган кемчиликтерди жоюу жана биринчи кезекте аткарылыш керек болгон тапшырмалар боюнча биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышкан. Натыйжада элеттиктер бюджеттик маселелерди түшүнүп, аймактын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүүгө катыша баштады. Эң негизгиси – адамдарда жоопкерчилик сезими пайда болду. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери командада иштегенди жана көбүрөөк натыйжалуулукка жетүүнү үйрөнүштү. Биргелешкен аракеттер менен он жылдап чечилбей келген маселелер чечилди. Бул биз үчүн чоң жеңиш. Себеби долбоорго чейин кырдаал башкача болчу: жергиликтүү жамаат ЖӨБ органдарынын ишине жана элеттин көйгөйлөрүнө эч качан кызыкчу эмес, ал эми ЖӨБ органдары “жабык” бойдон кала берген. Калкка маалымат берүү тууралуу сөз да болгон эмес.

2015-жылдын март айында долбоор Тогуз-Торо районунун аймагында жыйынтыкталды. Бирок долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө алынган чоң практикалык тажрыйба жоголгон жок жана элеттиктердин жигердүүлүгү да азайып кеткен жок. Биздин аймак бул багытта башталган иштерди улантууда жана бүгүнкү күндө бир топ оң жыйынтыктарга жете алдык.

Чогулуштарды, коомдук угууларды даярдоого жана уюштурууга жарандарды мүмкүн болушунча жигердүү катыштыруу максатында биз долбоордун жүрүшүндө үйрөнгөн чогулушка чейинки жана андан кийинки маалымат өнөктүгүнүн бардык усулдарын колдонуп келебиз: чакыруу баракчаларын таратабыз, баннерлерди жана плакаттарды эл көп жүргөн жерлерге илип чыгабыз. Айталы, 2015-жылы биз төмөнкүдөй иш-чараларды өткөрдүк: Додомол айылында – таза суу маселеси боюнча үч чогулуш (85 киши, анын ичинде 48 аял, айылдык кеңештин 2 депутаты катышты); Кош-Булак айылында – Кайыңды каналы аркылуу сугат суу масе-

леси боюнча эки чогулуш (74 киши, анын ичинде 31 аял, 2 депутат катышты); социалдык жана айыл чарба маселелери боюнча үч чогулуш өттү (225 киши, анын ичинде 136 аял, АКтын 7 депутаты катышты). Мындан тышкары жергиликтүү бюджеттин ачык-айкындуулугу маселеси боюнча эки коомдук угуу өттү. Ага 84 киши, анын ичинен 53 аял жана 4 депутат катышты. Ошентип, коомдук угууларга бардык аймактан 500дүн тегерегинде киши, анын ичинен 270 аял катышты. Мурда чогулуштарга же аялдар гана, же эркектер гана катышчу. Азыр болсо мындай иш-чаралар бардык жерде өтүп турат жана ушундай коомдук иш-чараларга жергиликтүү кеңештин депутаттарынын кызыгуусу бир кыйла артты. Жыл сайын жергиликтүү аткаминерлердин калк менен түрдүү жолугушууларынын саны да өсүп жатканын белгилегим келип турат. ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамааттын ортосундагы маалымат алмашуу маселеси талап кылынган деңгээлде болгону да муну тастыктап турат.

Тогуз-Торо АА мектепке чейинки билим берүү маселелерин да ийгиликтүү чечип келатат. Айталы, республикалык бюджеттен дем берүүчү гранттын жардамы менен (3 млн. сомдун тегерегинде) “Жаңыл мырза” бала бакчасынын төрт бөлмөсүндө капиталдык ремонт жасалды. Бул каражат калктын биринчи кезекте чечилүүгө тийиш муктаждыктары үчүн дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө жаңы жобонун негизинде бөлүнгөн. Март айынын башынан тарта эле Тогуз-Торо айыл өкмөтүнүн штатына инвестицияларды тартуу жана ишкерликти өнүктүрүү боюнча адис алынган (баса, мында да долбоордун салымы бар). Адис республикалык бюджеттен дем берүүчү грантты алуу үчүн документтердин пакетин элеттиктердин керектөөлөрүн эсепке алуу менен квалификациялуу даярдап чыккан. Эгерде мурда биздин бала бакчада эки топто 50 бала тарбияланып келсе, октябрь айынан баштап кошумча дагы эки топ ачылып, дагы 50 бала мектепке чейин билим ала баштады. Бул болсо жүз ата-эне балдары үчүн сарсанаа болбой иштеп, үй-бүлөсүн бага алат дегенди билдирет. Анткен менен биздин аймакта мектепке чейинки курактагы балдар эки эсе көп. Ошондуктан алдыда бизди бул актуалдуу көйгөйдү чечүү жаатында бир кыйла иштер күтүп турат.

Мындан тышкары Тогуз-Торо райондук өнүктүрүү фонду биздин айыл өкмөткө 5 млн. 800 миң сом бөлдү. Бул каражатка комбайн сатып алынды. Бул техникага болгон муктаждык жамааттагы эң курч маселелердин бири болгонун белгилей кетейин. Бул маселе долбоордо да көрсөтүлүп, өнүктүрүү фондунун комиссиясын ынандыра алды. Комбайнды сатып алуу менен иш да, элеттиктердин түйшүгү да бир кыйла азая түштү. Себеби Тогуз-Торо АА район боюнча буудай жана арпа өстүрүү боюнча негизги деп эсептелет. Баса, 2015-жылы 650 гектар иштетилип, түшүм 20-25 центнерге жетти.

Биз үчүн жергиликтүү жамааттын айылдын чыныгы көйгөйлөрүн чечүүгө жигердүү катышуусу чоң жетишкендик болуп эсептелет. Айталы, 5 тонна цемент жана 3 тонна күйүүчү май бөлүп берген Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин жардамы жана калктын 55 000 сомдук эмгек салымы менен Өрнөк айылындагы 8 километрдик каналда ремонт жасалды. Бул маанилүү суу артериясы 210 гектарды сугат суу менен камсыздайт. Натыйжада адамдардын да социалдык-экономикалык абалы жакшырат эмеспи. Бул башкаларга да үлгү болуп, натыйжада Кош-Булак айылында Кайыңды каналы тазаланып, ремонттук иштер жүргүзүлдү. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 500 миң сом бөлүнүп, жергиликтүү тургундар бардык ишти өз күчү менен бүтүрүштү.

Элеттиктердин маданий жашоосу да бир кыйла өзгөрдү. Жаштарды тарбиялоо жана калк арасында ынтымакты бекемдөө максатында жергиликтүү жамааттын демилгеси жана жардамы менен “Ыр кесе”, “Сармерден” ыр сынактары, театрлаштырылган коомдук иш-чаралар ж.б. өтүп турат. Биз өзүбүз түрдүү иш-чараларды ойлоп таап, таланттарды издеп, бардык концерттерге жана сынактарга жигердүү катышып турабыз. Бул иштерде жергиликтүү кеңештин депутаты Бейшебү КЫДЫКБАЕВАнын салымы чоң. Ал аймактагы таланттуу жана жигердүү адамдардын башын кошуп, алардын жардамы менен биздин маданият да өнүгүүдө.

Додомол айылынын климаты өтө оор. Бул жерде райондун башка калктуу конуштарына салыштырмалуу шамал катуу жүрүп, суук болуп турат. Жергиликтүүлөр негизинен мал чарбачылыгы менен жан багат. Ошондуктан мал жайытта жүргөндө жаштар басымдуулук кылган чабандарда бош убакыт пайда болот. Бул убакытты бош коротпош үчүн жаштар мурда улуу муун гана алектенген иштерге тартылууда. Ушул тапта экологиялык жактан таза, кийизден жасалган буюмдарга, ошондой эле улуттук оймолору бар кийим-кечелерге суроо-талап жогору. Бул иште Нуржамыйла АЖИМБАЕВА энебиз чыныгы чебер болуп саналат. Ал бардык каалоочуларды кол өнөрчүлүгүнө, ошондой эле кийиз менен иштегенге, боз үйдүн ички жасалгаларын даярдоого үйрөтүп келатат. Анын окуучулары Бейшегүл КЫДЫКБАЕВА, Бейшембү КУЧКАЧОВА, Жибек ЖУМАЛИЕВА көптү үйрөнүштү: алар жасаган буюмдарга суроо-талап өсүп, түрдүү көргөзмөлөрдө жана сынактарда, анын ичинде эл аралык конкурстарда да биринчи орунду ээлеп келатат.

Ошентип Тогуз-Торо АӨ долбоор аяктагандан кийин да өнүгүүсүн токтотуп койгон жок. Атүгүл инвестицияларды тартуу, түрдүү коомдук иш-чараларды өткөрүү, калкка өз убагында маалымат жеткирүү жана жергиликтүү маанидеги маанилүү маселелерди биргелешип чечүүгө калкты тартуу боюнча жигердүү иштер башталды.

Ал эми пландар тууралуу айт турган болсок, алар абдан көп. Бүгүнкү күндө таза суу көйгөйү абдан маанилүү болуп турат жана бул долбоор дээрлик башталып калды. Долбоор конкурстан

ийгиликтүү өтүп, республикалык бюджеттен 22 млн. сом көлөмүндө дем берүүчү грант бөлүндү. Бул каражаттын 16 млн. сому ушул тапта жергиликтүү бюджетке түштү. Айылдын ар бир көчөсүнө таза суу өткөрүү пландалып жатат. Иштер болсо 2016-жылдын жазында башталмакчы.

Борбор шаардан алыс жайгашканыбызга карабастан консультанттарды жана эксперттерди көп жолу жиберип, жергиликтүү жамаатта аймактын көйгөйлөрүнө кызыгууну пайда кылган, АӨ адистерин жана АК депутаттарын окуткан Долбоорго терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Долбоор биздин аймакта өз изин гана калтырбастан, биздин региондун мындан аркы өнүгүүсү үчүн түрткү да болуп берди. Калктын атынан Долбоордун бардык кызматкерлерине ишинде дагы да көп ийгиликтерге жетүү үчүн күч-кубат каалап коюуга уруксат этиңиздер.



# Долбоор калтырган из жамааттын көзү менен: “Биз демилге көтөргөндү жана өз айылыбыздын көйгөйлөрүн көрө билгенди үйрөндүк”

**Роза ТОКТОБАЕВА,**
“Чайка” маданий борборунун башчысы,
Бостери ААдагы “Шоола” демилгелүү тобунун лидери

2012-жылы Бостери айылдык аймагы “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” долбоорунун өнөктөш муниципалитети болгон. Натыйжада негизгисине жеттик – адамдар айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине көбүрөөк ишенип, ал эми алар болсо өз кезегинде жашоочулардын көйгөйлөрүнө мурдагыдан да көп кызыга баштาшты. Адамдар бюджеттик каражаттар кантип түзүлүп, кайда сарпталып жатканын билип калышты, өз айылынын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн аныктаганды үйрөнүштү. Эгерде мурда чогулуштарга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкерлери чакырып коюуну туура көргөн 20-30 киши катышса, азыр болсо коомдук иш-чараларга дээрлик бардык жашоочулар кызыгып, көйгөйлүү маселелерди биргелешип талкуулап, аларды чечүүнүн үстүнөн баары иштешет.

2012-жылы аймактын жашоочулары менен биргелешип, ЖӨБ органдары чукул арада чечилиш керек болгон жети маселени аныкташты. Мунун негизинде биргелешкен аракеттер пландары иштелип чыгып, алар кабыл алынды, конкреттүү иш-чаралардын кадамдары аныкталды. Бостери айылдык аймагынын тарыхында биринчи жолу төрт коомдук угуу өткөрүлүп, аларга 600дөн ашык киши катышты. Ошондой эле 500дөн ашык киши катышкан төрт чогулуш өткөрүлдү. Мындан тышкары 2,5 жылдын ичинде аймактын территориясында мектепке чейинки билим берүү, ички жолдордун абалы, таза суу, жаштардын бош убактысы, жарык берүү өңдүү көптөн бери элди кыйнап келаткан актуалдуу маселелер чечилди.

Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү иштердин жыйынтыктарына ыраазы болуп, айылдагы артыкчылыктуу маселелерди чечүүдө кызыгуусун көрсөтө баштады. Жаштар да бул иштерде четте карап турган жок – демөөрчү катары "О" уюлдук операторун таап, компания 105 000 сом бөлүп берди. Бул акчага калктан чогултулган 6000 сомду кошуп, өз күчүбүз менен Бостери айылындагы эң караңгы делген беш көчөгө жарык өткөрдүк. Мындан тышкары бак-дарактардын тегереги тосмолонуп, көчөт отургузулуп, гүлдөр тигилди.

2014-жылы долбоор биздин аймакта ишин жыйынтыктады. Анткен менен бостериликтер башталган иштерди улантып, 2015-2017-жылдарга жаңы биргелешкен аракеттер планын иштеп чыгышты. Бул пландарга жаңы артыкчылыктуу маселелерден тышкары, мурда чечилбей калгандар да киргизилди.

Алардын бири – Бостери айылынын 80 короосу бар батыш бөлүгүн таза суу менен камсыздоо. Бул үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 120 000 сом бөлүнүп, эмгек салымы 50 миң сомго бааланган 50 тургун өздөрү чуңкур казып, трубаларды орнотуп чыгышты. Суу түтүгүнүн жалпы узундугу 1 километрди түздү. Ошентип бул райондун беш жүздөн ашык жашоочусу таза суу менен камсыздалды.

"Ушунча жылдан бери кантип кыйналганыбызды эч ким билбейт. Машинеси барлар сууну фляга менен ташып жүрдү. Машинеси жоктор сууну арыктардан алып турду. Ошонун айынан балдарыбыз жана неберелерибиз, айыл тургундары ичегикарын жана тери ооруларына чалдыкты. Биздин көйгөйүбүзгө көңүл бурган айыл өкмөтүнө жана жердештерге ыраазычылык билдиребиз. Дагы белгилей кете турган болсок, дал ушул долбоор жергиликтүү бийликти, айылдык кеңештин депутаттарын, өзүбүздү да айыл көйгөйлөрүнө башкача көз менен кароого түрттү", - деп айтты Бостеринин тургуну Жакып КАПАРОВ. Анын сөзүн көп балалуу эне Чолпон улады: "Биз, аялдар, бул көйгөйдү чечүүнүн үстүнөн иш алып барган демилгелүү топтун лидерлерине ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Дал ушул бизге бул суу өтө керек болчу. Анткени бардык үй милдеттери биздин моюнубузда эмеспи. Ал эми суусуз аларды жасоо оор. Азыр таза суу ар бир короодо бар. Биз эми апта сайын кир жууп, балдарды жуунтуп турабыз. Биз үчүн эң негизгиси – балдарыбыз көп оорубай калды".

Жергиликтүү бюджеттин ачык-айкындуулугу жана жеткиликтүүлүгү боюнча ишти улантуу менен, 2015-жылдын 10-июнунда кийинки жылга бюджет долбоору боюнча кезектеги коомдук угуулар өттү. Угууларга 81 киши, анын ичинде 53 аял катышты. Калк ЖӨБ органдарынын ишинин дээрлик бардык чөйрөсүн жигердүү талкуулап, айыл жашоочуларынан көптөгөн суроолор жана сунуштар түштү. Анын ичинде жаңы ФАПтын курулушун бүтүрүү, АТАЕВ атындагы мектептин чатырын оңдоп чыгуу, "Березка" бала бакчасынын капиталдык ремонтун жыйынтыктоо, айылдын жетүүгө оор райондоруна суу түтүктөрүн өткөрүү өңдүү бир топ маселелер каралды. Бул сунуштар айылдык кеңештин сессиясында талкууланып, дээрлик баары 2016-жылга бюджет долбоорунда эске алынды.

Ошондой эле 2015-жылы башкы маселелердин бири – айылдын түндүк тарабынан КАДЫРАЛИЕВ көчөсүнөн АКЖОЛТОЙ көчөсүнө чейин узундугу 1,4 км болгон айланма жол куруу маселеси чечилди. Айыл өкмөтү менен жергиликтүү жамааттын биргелешкен аракеттеринин натыйжасында машине өтө албай жаткан тар жол тазаланып, кеңейтилди жана майда кум төгүлдү. Чыгашалардын жалпы суммасы 998 000 сомду түзүп, мунун ичинен 450 миң сому айылдык бюджеттен бөлүндү. Жергиликтүү кеңештин депутаты Максат ОРОЗОБАКОВ атайын техниканы – трактор, самосвал бөлүп берип, күйүүчү-майлоочу май менен камсыздады (жалпысынан 500 миң сомго). Мындан тышкары эки көчөнүн жашоочулары 48 миң сомго бааланган эмгек салымын кошту – таштарды чогултуп, көпүрө коюп, жолдорду тазалады жана теңдеди. Көчөлөрдүн биринде жашаган Асанбек ЖОЛОЕВ буларды айтты: "Мурда айылдын экинчи башына жетүү үчүн биз негизги трассага чыгып, кайра өйдөгө көтөрүлчүбүз. Эми болсо биз негизги жолду гана кеңейтпестен, ошону менен бирге мурдагыдан да кыска жана ыңгайлуу жолду жасай алдык. Эмнеге мурда ушуну ойлонбодук экен! Бул маселени мурда эле көтөрүп чыгып, чечип коюш керек болчу!".

2012-2014-жылдарга биргелешкен аракеттер планында "Алтын кум" пансионатына бурулушта жолчырак орнотуу пландалган. Анткени ал жерде жол кыймылы жандуу, жанында миңге жакын бала окуган мектеп жайгашкан. Бирок айрым себептерден улам бул иш өз маалында аткарылбай калган болчу. Ошондуктан жаңы БАПтын алкагында бул маселе 2015-жылы чечилди: МАИ кызматкерлеринин жардамы менен Бостеринин борборунда жолчырак орнотулду. Эми мурда бул жолдон катуу ылдамдыкта өткөн машинелердин баары эрежени сактап, натыйжада жол кырсыктарынын саны да азайды. Биздин аймак үчүн бул чоң жетишкендик. Себеби жайкы сезондо машинелердин саны кескин көбөйүп, мунун айынан атүгүл чоң адамдар да жолду кесип өткөндөн коркчу. "Жолчырак орнотконго чейин бул жерде жол кырсыктары көп болуп турчу. Эки жолу адам өмүрүн алган кырсыктар катталган. Биз бул маселени көптөн бери көтөрүп келатканбыз. Бирок эч ким эч нерсе жасабай, баары убада бойдон калып келген. Көрсө, баарын өз колубузга алып, аракеттениш керек экен. Жолчырагын орнотконубузга кубанычтабыз, эми балдарыбыз жолдон эч коркпой өтүп калды. Негизи эле акыркы жылдары айыл өкмөтү жигердүү иш алып бара баштады. Алар айылдын көйгөйлөрүн чечүүгө аракеттенип жатканы көрүнүп турат. Негизгиси ушул бойдон уланта беришсе болду", - дейт мектеп директору Жаныша СУЛАЙМАНОВА. Ал эми пенсионер Зина АСАНОВА буларды айтат: "Неберелерим жолдун

тиги тарабында окуйт жана мен аларды күндө мектепке узатып, кайра тосуп алчумун. Азыр болсо алар өздөрү эле жолду кесип өтүп калышты. Мен болсо алар үчүн сарсанаа болбой, өз иштерим менен алекмин. Мен абдан ыраазымын".

Бостери айылдык аймагынын Бактуу-Долоноту айылынын калкынын өтүнүчү менен жеке дарыкана да ачылды. Жергиликтүү ишкер кезектеги дүкөн ачайын деп жаткан. Бирок калктын жана ЖӨБ органдарынын кеңеши менен ал дарыкана ачты. Аймакта буга чейин дарыкана болгон эмес. Эми калк жердештеринин өтүнүчүнө кулак салган ишкерге ыраазычылыгын билдирүүдө.

Бир сөз менен айтканда, Долбоордун жардамы менен биздин айылдык аймак ушуну менен токтоп калган жок. Биз алдыбызга ишке ашчу максаттарды коюп, аларга эми өз алдынча жеткенди үйрөнүп калдык. Биз жергиликтүү жамаат менен иш алып барганды, инвестиция тартканды, кичи Мекенибизге кам көргөндү, аны көрктөндүрүүнүн үстүнөн иштегенди үйрөндүк. Эң негизгиси – бул тапшырмаларды аткарууга калктын улуу мууну менен катар, айыл жаштары да жигердүү катышууда. Бул болсо жаштарга бюджет маселелерин түшүнүүгө, өз пикирин таамай айтууга, сунуштарын жеткирүүгө үйрөттү. Натыйжада, 2015-жылдын февралында "Адеп булагы" коомдук фонду түзүлүп, ал жетим балдарга жана колу жука үй-бүлөлөргө ар тараптуу жардам көрсөтүү, айыл маселелерин өз күчү менен чечүү максатын көздөйт.

Алгачкы иштер өзүн күттүргөн жок: жаз келээри менен "Кыргызское взморье" турак жай массивинде бак-дарактарды оңдоп-түзөп, тегерегин курчап коюуну чечишти. Анткени бир кездери Бостеринин гүлдөп турган бул району акыркы 20 жылда дээрлик кароосуз калган. Жаш лидерлер курдаштарын чогултуп, курулуш материалдарын сатып алууга бюджеттен акча бөлүп берүүнү өтүнүп айыл өкмөтүнө кайрылышкан. Айыл өкмөтүнүн жетекчилиги айыл кеңешинин депутаттары менен кеңешип, 460 000 сом бөлүп берди. Андан кийин жаштар ашар жолу менен бир нече тосмо орнотуп, аны сырдоого өз чөнтөгүнөн 18 миң сом чыгарышты. Ошондон кийин депутат Д.ТЕРБИШАЛИЕВдин жардамы менен карагайдын бир нече көчөтүн сатып алып, ошол жерге отургузуп чыгышты.

Кийинки кадам Х.ЖЭЭНБАЕВ атындагы орто мектептин спорт аянтчасын ремонттоо болуп калды. Бул үчүн демөөрчүлөр берген 33 700 сом жумшалды. Мындан тышкары бюджеттик каражатты колдонбостон, демөөрчүлөрдүн акчасына жана жеке эмгек салымынын натыйжасында жергиликтүү мечиттин алдында үстү жабык аянтча жасай алышты (222 миң сомго) жана айылдын чыгыш районунда намазга жыгылуу үчүн имарат курушту (187,9 миң сомго).

"Бостери айылдык аймагынын ЭҮЖӨБОЖ долбооруна пилоттук муниципалитет катары кошулушу биздин фондду ачууга түрткү болду. Бул долбоордун алкагында биз 400 000 сом көлөмүндө грант утуп алдык. Бул акчага эркин күрөш секциясы үчүн сапаттуу спорттук маталарды сатып алдык. Мунун жардамы менен эки республикалык таймаш өткөрдүк. Анда кыргызстандык спортчулар дүйнөлүк жана Азия чемпионаттарына жолдомо алышты. Бул жеңишке маашырланып, "эмне үчүн бизге Швейцария жардам берсе, биз алакан жайып отурабыз?" деп ойлодук. Ошентип айылыбыздагы көйгөйлүү маселелерди чече турган жаштар фондун түздүк", - деп эскерет "Адеп булагы" коомдук фондунун лидери Кенжебек СОЛТОНБАЕВ.

Эми жаштар күнүмдүк маселелерди гана чечпестен, алдыга узак мөөнөттүү максаттарды коюп, дымактуу долбоорлор тууралуу кыялданышууда. Анткен менен алар 2015-2017-жылдарга БАПта белгиленген жергиликтүү маанидеги маселелерди да унутта калтырышкан жок жана аларды чечүүгө жигердүү катышууда.

# Долбоор калтырган из биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун көзү менен: "Биз көйгөйлөрдү көрүп турабыз жана аларды чогуу чечкенди билебиз"

**Асан САТАРОВ,**
Көк-Таш айылдык аймагынын БМжБ тобунун лидери

ЭҮЖӨБОЖ Долбоору элет калкын активдештирүүгө жана тургундарды жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө тарткан модель иштеп чыккан. Элеттиктерде аймактын социалдык жана экономикалык өнүгүүсү үчүн мааниге ээ болгон долбоорлорду пландоого, чечим кабыл алууга жана ишке ашырууга катышуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Аталган моделдин алкагында коомдук мониторинг калктын чечим кабыл алуу процесстерине катышуусунун натыйжалуу формаларынын бири болуп эсептелет. ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун муниципалитеттерде ишке ашыруунун жүрүшүндө биргелешкен мониторинг



жана баалоо (БМжБ) механизми ишке киргизилген. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү лидерлерден, жигердүү аялдардан жана жаштардан турган БМжБ тобу муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана ишке ашырылып жаткан долбоорлорго мониторинг жүргүзүп турду. Бул топ бара-бара жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен калкты байланыштырган чынжырлардын бири болуп баратат.

БМжБ механизмин жайылтууда негизги кыйынчылыктардын бири ар бир топтун системалык ишин уюштуруу болду. Башкача айтканда, БМжБ тобу кырдаалга жараша, кыска мөөнөттүү маселени чечүү максатында, же Долбоордун талаптарына ылайык формалдуу гана мүнөздө убактылуу түзүлгөн топко айланып калган жок. Топ узак мөөнөттүү стратегиялык иш үчүн туруктуу механизм түзүү максатын көздөйт. Бул жерде БМжБнын мүчөлөрүнүн жигердүү жарандык позициясы болуш керек. Ошондуктан топко жергиликтүү жамааттын ишине кызыкдар болгон адамдар тандалып алынды. Ошондой эле кайра байланыш түзүү, жергиликтүү өз алдынча башкаруу тараптан реакция алуу үчүн шарттарды аныктап алуу да маанилүү болчу. Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишине карата жергиликтүү өз алдынча башкаруунун реакциясы – бул жарандардын чечим кабыл алуу процессине катышуусу.

2013-жылы Жалал-Абад облусунун эң алыскы, тоолуу, чек арада жайгашкан Көк-Таш айылдык аймагы ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун 26 өнөктөш муниципалитетинин бири болуп калды. Кызматташуунун алкагында өз аймагын башкарууга жергиликтүү калкты тартуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын жакшыртуу боюнча бир кыйла иштер аткарылды. Ошондой эле биргелешкен мониторинг жана баалоо механизмин ийгиликтүү жайылта алдык. Бул мезгил аралыгында БМжБ тобу өзүн жакшы жагынан көрсөтө алды.

Көк-Таш айылдык аймагынын БМжБ тобу жергиликтүү кеңештин токтому менен түзүлгөн. Кеңеш топтун курамын да бекитип берген. Иш маалында БМжБ тобунун мүчөлөрү бир катар тренингден өтүп, айылдык жыйындарга жигердүү катышты. Ишти баштаар алдында БМжБ тобу муниципалитеттин иши менен макулдашылган аракеттер планын иштеп чыкты жана бир нече жылдан бери ЖӨБдүн ишмердигине мониторинг жүргүзүп келатат. Топтун активинде – айылдардагы көпүрөнүн курулушуна, электр линияларынын өткөрүлүшүнө, муниципалдык техниканы колдонуу процессине мониторинг жүргүзүү, сатып алынган шаймандардын сапаттык жана сандык шайкештигин текшерүү, маалыматтык керегелердин жаңыланып туруусун көзөмөлдөө, жергиликтүү бюджет боюнча коомдук угууларга катышуу ж.б. Кемчиликтерди, бузууларды аныктаган учурда БМжБ тобу ыкчам реакция жасап турду: акт түзүлүп, кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштар тиешелүү ЖӨБ органдарына жолдонду.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорун ишке ашыруу мезгилинде Жалал-Абад облусунун Көк-Таш муниципалитети чакан гранттар программасынын конкурстарында эки жолу утуп чыкты. Натыйжада 2013-жылы “Беларус 952.2” тракторунун базасында “Амкодор-702ЕА” экскаватар-жүктөгүч сатып алынды. Ошондой эле 2014-жылы шаймандар сатып алынып, элеттик мектепте, бала бакчаларда, маданият үйлөрүндө капиталдык ремонттор жасалды. БМжБ тобу гранттык долбоорлорго мониторинг жүргүзүп, техниканын ишине көз салып турду. Шаймандарды бөлүштүрүү маалында БМжБ тобу мектептердин жана бала бакчалардын ата-энелер комитеттери менен биргеликте ар бир товарды бирден текшерип чыгып, социалдык объекттер боюнча бөлүштүрүлүшүнө эсеп жүргүздү. Андан кийин БМжБ тобу ошол объекттерге барып, жеринде шаймандарды текшерип турду.

Калкты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү процессине тартуу модели долбоор аяктагандан кийин да ишин улантып жаткан системаны түздү. Бул биринчи кезекте жамаат менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда туруктуу байланыш түзүлүп, биргелешкен иштин механизми жолго салынганы менен камсыздалууда. Долбоор 2015-жылдын март айында Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарында өз ишин жыйынтыктап, Чүй облусунун муниципалитеттери менен иштеше баштаганына карабастан жергиликтүү БМжБ топтору өз ишин айылдарда улантып келүүдө.

Мониторинг тобу менен иштеп, биз бул бирикменин жарандар үчүн маанисин түшүндүк. Биз өз убагында көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүүнүн үстүнөн иштеп жатабыз. Ал эми калкты өз убагында жана кеңири маалымдоо ЖӨБ органдарын ыкчам жана жоопкерчиликтүү аракеттенүүгө түртөт.

# "БМжБ тобу – жамаат менен ЖӨБдүн кызыкчылыктарынын сакчысы"

**Касейин СЫДЫКБЕКОВ,**
Арал ААнын БМжБ тобунун лидери

Арал айылдык аймагында эки жылдан бери ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун колдоосу менен түзүлгөн биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу (БМжБ тобу) иштеп келатат. Жигердүү тогуз тургундан түзүлгөн топ жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилген. Муниципалитет беш айылдан тургандыктан топко ар бир айылдын өкүлү – жергиликтүү кеңештин депутаттары, активисттер, социалдык кызматкерлер кирди.

Өздөрүн ишенимдүү сезүү үчүн БМжБ тобунун мүчөлөрү биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүүдө алардын билимин жана көндүмдөрүн арттырган тренингдерден өтүштү. Алар биргелешкен мониторинг деген эмне экенин, усулдары жана механизмдери кандай болгонун, маалыматты кантип чогултуу керектигин ж.б. үйрөнүштү.

Эки жылдын ичинде БМжБ тобу бир топ иштерди аткарды – трубалардын орнотулушуна жана каналдарды кеңейтүүгө, көпүрөлөрдү оңдоого жана жолдорго жарык орнотууга мониторинг жүргүзүп, маалымат керегелерине жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши тууралуу жаңылыктардын жайгаштырылып турушуна көз салып, коомдук угууларга катышып, өз иши тууралуу калкты маалымдап турду.

2014-жылы аймакта "Жылуулук – бул ден соолук, балдардын келечеги" аттуу гранттык долбоор ишке ашырыла баштады. Долбоор Миң-Булак жана Кош-Дөбө айылдарындагы мектептерде жылытуу системаларын оңдоп, терезе, пол, каалагаларды алмаштыруу максатын көздөгөн. Мунун баары БМжБ тобунун көзөмөлү алдында ишке ашты. 2015-жылдын башында иштер создугуп жатканы, ал эми долборду ишке ашырууга жооптуу айыл өкмөт башчысы процессти анчалык көзөмөлдөбөгөнү аныкталды. Мониторингдин натыйжасында долбоор боюнча аткарылган иштердин Акты түзүлүп, анда бардык кемчиликтер көрсөтүлүп, бул маселе жергиликтүү кеңештин сессиясында талкууланган.

"Кош-Дөбө айылындагы мектепке мониторинг жүргүзгөн маалда подрядчы жумушчулар болгон эмес. Керамикалык жылыткычтар алып келингенине карабастан иш аягына чыгарылган эмес – бөлүштүргүч орнотулбай, жылыткычтар электрге кошулган эмес. Ал эми Миң-Булактагы мектепте жаңы терезелер орнотулуп, жылуулук берилгени менен, каалгалар алмаштырылган эмес. Биз айыл өкмөт башчысынан подрядчыларды чакырып, эмне себептен иштер создугуп жатканын билип берүүнү талап кылганбыз", - деп эскеришет топтун мүчөлөрү.

Натыйжада жергиликтүү кеңеш жасалып жаткан иштерди талдап, аларды канааттандырарлык эмес деп тапкан. Ал эми муну көзөмөлдөө милдети айыл өкмөт башчысына жүктөлгөндүктөн ага ишеним көрсөтпөө жана ээлеген кызматынан бошотуу тууралуу чечим кабыл алынган. Бул учурда БМжБ тобу маанилүү ролду ойноду. Себеби дал ушул топ гранттык долбоор боюнча иштер аткарылбаганын аныктап чыккан.

Башчы алмашкандан кийин мектептерде иш процесси кайра жанданды. Подрядчы чакыртылып, ага калган иштерди тезирээк бүтүрүү тапшырылды. Окуу жайларын жылытуу үчүн трансформатордун кубаты жетпегенине байланышкан маселе ыкчам чечилди. БМжБ тобунун мүчөлөрү учурда Кыргыз Республикасынын Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги менен биргеликте ишке ашырылып жаткан башка долбоорго мониторинг жүргүзүүдө.



Биргелешкен мониторинг жана баалоо тобунун ишинин механизмдерин республика боюнча жайылтуу зарыл. Советтер Союзу маалында элдик көзөмөл комитеттери болгон. Калк мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары өз милдеттерин кандай аткарып жатканын көзөмөлдөп турган. Азыр дагы БМжБ топтору калкыбыздын укуктары жана кызыкчылыктары бузулбашына көз салып туруш керек.